Н.А. Абылаева, Б.М. Акматов



# КЫРГЫЗ ТИЛИ

1

**Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Герби**




**Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Туусу**



## Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Гимни

*Сөзү: Ж. Садыков, Ш. Кулуевдики*
*Муз.: Н. Давлесов, К. Молдобасановдуку*

Ак мөңгүлүү аска-зоолор, талаалар,
Элибиздин жаны менен барабар.
Сансыз кылым Ала-Тоосун мекендеп,
Сактап келди биздин ата-бабалар.

*Кайырма:*
Алгалай бер, кыргыз эл,
Азаттыктын жолунда.
Өркүндөй бер, өсө бер,
Өз тагдырың колунда.

Байыртадан бүткөн мүнөз элиме,
Досторуна даяр дилин берүүгө.
Бул ынтымак эл бирдигин ширетип,
Бейкуттукту берет кыргыз жерине.

*Кайырма:*

Аткарылып элдин үмүт-тилеги,
Желбиреди эркиндиктин желеги.
Бизге жеткен ата салтын, мурасын,
Ыйык сактап, урпактарга берели.

*Кайырма:*

Н. Абылаева, Б. Акматов

# КЫРГЫЗ ТИЛИ

**Тажик тилинде окуган мектептердин 1-классы үчүн окуу китеби**

*Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан сунушталган*

Кыргыз Республикасы
ШКОЛА
-ж.г.
№ 30

БИШКЕК – 2009

УДК 773.167.1
ББК 81.2 Ки я 721
А–17

Бул окуу китеби Бүткүл дүйнөлүк Банктын каржылоосу менен ишке ашырылып жаткан КР Билим берүү жана илим министрлигинин «Айылдык билим берүү» долбоорунун алкагында басылып чыгарылды.

**Абылаева Н., Акматов Б.**
А–17 **Кыргыз тили:** Тажик тилинде окуган мектептердин 1-кл. үчүн окуу китеби. – Б.: Билим-компьютер, 2009.– 140 б.

ISBN 978-9967-442-00-9

**ШАРТ ВА НИШОНАХО:**

— гала ситорагон
— луғат
— бишнавед ва такрор кунед
— талаффузи овоз
— савол доданро ёд мегирем
— сӯхбат мекунем
— тафаккурронӣ
— биёед уруд мехонем
— менависем
— мехонем

А 4306020200–09

УДК 773.167.1
ББК 81.2 Ки я 721

ISBN 978-9967-442-00-9

© Абылаева Н., Акматов Б., 2009
© Билим-компьютер, 2009
© КР ББИМ, 2009

# І ЧЕЙРЕК

1-кадам


## КЫРГЫЗСТАНДЫН КЕЛЕЧЕГИ – МАМЛЕКЕТТИК ТИЛИНДЕ



Жомогу кумдай куюлган,
Жоголбойт тили кыргыздын.
Жаркырай берет түбөлүк,
Нурундай Чолпон жылдыздын.

*Н. Байтемиров*

– Бул эмне?
– Бул Учар.



# 2-кадам

## БАКЧА



Угуп кайтала: Бакчадагы балалык,
Балдай ширин бул убак.
Кош бол, менин гүл бакчам,
Татынакай күн бакчам.

*Ж. Орозбекова*



– *Бул мен, сен, ал.*



3-кадам

## МЕКТЕП

К к (ки)
К к (кы)

Эмне?



Угуп кайтала:

Бөбөк **какты** коңгуроо,
Ааламга үнү жаңырат!
Темир **канат** бийиктейт,
Карайлычы баарылап!



Сүйлөшүү:

Ким? – Бөбөк.
Эмне? – Коңгуроо.
Эмне? – Мектеп.
Эмне? – Учар.



4-кадам

# БУЛ БИЗДИН МЕКТЕП

Бул





Эмне?







Кыргыз тилинде ырдаганга көнүккүлө:

Так келе элек тил менен,
Таттуу билим алганы.
Биринчи келди мектепке,
Биринчи класс балдары.

*А. Осмонов*

Таанышуу:



*Лена, мектеп, тамга, Андрей, сан (5), мугалим. – Бул эмне?*



5-кадам

# БИЗДИН КЛАСС

Кайсы?



Кимдин?

Менин Сенин (Сиздин) Анын




! *класс, мугалим, окуучулар, доска, карта, китеп, калем сап, желим, түр карандаш, бор.*
*– Класста эмнелер бар?*



# ОКУУ КУРАЛДАРЫ




Угуп кайтала: Бир (1) менен нөл (0), ал эми
Бирге турса – он (10) болот.
Бир орундуу сандардын
Баарысынан чоң болот.

Санай бил.

– Бул эмне?
– Бул тоос.






*тоос – товус*

*1, 3, 5, 7, 9 – так сан*

*2, 4, 6, 8, 10 – жуп сан*

7-кадам

# КЛАССТА

?



Угуп кайтала:

Туура сүйлөп орусча,
Үйрөнөмүн кыргызча.
Жакшы сүйлөп орусча,
Жатыгамын кыргызча.



?



! мен, сен (сиз), ал



8-кадам

**Г г (гы)**
**Г г (ги)**

# БАКТА



карагай – коч



эмен – булут



...

дарактар



Угуп кайтала:

**Гүлнараны, Гүзелди,**
**Гуля ээрчип барды.**
**Гуля сөздү чубуртуп,**
**Гүл жөнүндө ырдады.**



*Г г Гуля, гүл, Гүлнар, Гүзел, Гуля*

!

*Г г кирпи, ийнелик, кайың*



9-кадам

Г г (гы)
Г г (ги)

## МЕКТЕПТИН БАГЫ



Сүйлөшүү: Бар. Жок.
– Эмне бар?
– Карагат бар.
– Кайда?
– Мектептин багында.

Өзүң сүйлө:
– Эмне бар?
– ...
– Ким бар?
...
– Кайда?



| | |
|---|---|
| *га, гө гу* | *га, го, гу, гы, ги* |
| *го гө гы* | |
| *гу* | *сагызган, карга, чалгы* |

!

Ү ү

# 10-кадам
## ҮЙ



| | | |
|---|---|---|
| Ким? | Кайсы? | Кимдин? |
| Эмне? | | Гүлайдын үйү. |
| Гүлай | Бул ... | Үсөндүн короосу. |

Тил жатыктыр:



Биздин ушул боз үйдүн,
Төбөсүндө көзү бар.
Манас бабам баштаган,
Түгөнбөгөн сөзү бар.
Көчүп-конуп жүргөнгө,
Жеңил, эптүү, ыңгайлуу
Болсун үчүн бабалар,
Ойлоп тапкан турбайбы.

*Э. Ибраев*



!

*Үү Үү Үү боз үй, **төбөсү, көзү**, сөзү*
***үй**, **гүл**, өрдөк, **күчүк**, **күн**, **күзгү***

11-кадам

## БИЗДИН ҮЙ

Үү
Өө



**Бул эмне?**

Тил жатыктыр:

Шаар көрүп келсин деп,
Алып келген эжекем.
Кабат-кабат үйлөрү,
Терек менен тең экен.

*Э. Ибраев*

– Кимдин бөлмөсү?
– Бул Гүлайдын бөлмөсү.



!

| | |
|---|---|
| *Өө Өө Өө* | *бөлмө, сүрөт, төрт, мөмө* |
| *ү ө ү ө* | *үч, үтүк, күчүк, үкөк* |





12-кадам

## ҮЙ-БҮЛӨ

н



Үйдө кимдер бар? – Кӣ дар хона?
Айткылачы, ким эмне кылып жатат? –
Биуед, кӣ чӣ кор мекунад?

*ң ң ң ң  чоң ата, ата, чоң эне, эне,*
*жаңгак, чаң, Жеңиш, Жаңыл*

!



13-кадам

## БИЗДИН АТА-ЭНЕЛЕР

Ң



Бул мен.
Таңгабийке





чоң атам
Жаңгабыл

чоң энем
Оңолкан



менин бөбөгүм
Жаңыл



Сүйлөшүү:

– Бул ким?
– Ал менин агам.
– Сенин агаң барбы?
– Бар, аты Картаңбай.

– Бул Жеңиш.
– Ал Чыңгыш.
– Анын агасы барбы?
– Бар, аты Дүрбөлөң.

Угуп кайтала:

Ата – аскалуу тоо,
эне – боорундагы булак.
Бала – ал экөөнө тең шам-чырак.



! *ң ң ң ң* *Оңолкан, Таңгабийке, Жаңыл,*
*Жеңишкүл, Жеңиш, Дүрбөлөң, Коңурбай*

Кыргыз Республикасы
19 ..... ж.г.

14-кадам

# ҮЙДӨГҮ ТУРМУШ

?





?



15-кадам

# ЖАШЫЛЧА-ЖЕМИШТЕР

**Ж ж**



☺☺ Сүйлөшөлү:

– Себетте эмнелер бар?

– Анар, жүзүм ... ... ...



Угуп, кайталоо: Анар, жүзүм, алмурут, алма, өрүк, коон, дарбыз, пияз, сабиз, кызылча, себет.



**!** *Ж ж Жж Жж ң ң*

*жүзүм, жаңгак, анар, бадыраң*

16-кадам

# ҮЙ БУЮМДАРЫ




Угуп кайтала:

Жакшы билет сабагын,
Бүт класска үлгүлүү.
Таза жүрөт дайыма,
Карындашым Гүлбүбү.

Мектебинен келгенде,
Жардам берет апама.
Жууп идиш-аякты,
Суу апкелет чакага.

*А. Сатаркулов*



## 17-кадам

# ТАМАК-АШ

**ОО, оо**

Кайда?

















Тилиңерди жатыктыргыла:




тоо – тоок
чор – чоор
бор – боор
жон – жоон
кон – коон
ор – оор
жолук – жоолук



! *чака, конфет, бал, чайнек, көөкөр,*
*бал муздак, торт, кант, кашык*

18-кадам

# АДАМДЫН ДЕНЕ МҮЧӨЛӨРҮ

?





!

*баш, каш, кабак, кулак, көз, кирпик,*
*моюн, ооз, кол, мурун, курсак, бут*



19-кадам

# КИЙИМ-КЕЧЕК

Кайсы буюм кимге тиешелүү?





?







?





! *Элечек энеме тиешелүү. Жоолук, байпак, шым, тумак, батинке, ..., ...*








# ДҮКӨНДӨ

– Кайсы дүкөн?

1. – ...



**Азык-түлүк дүкөнү**

– Кант канча сом?
– 28 сом.
– Нан канча сом?
– 30 сом.
– Жумуртка канча сом?
– 60 сом.
– Колбаса канча сом?
– 270 сом.

2.






## 21-кадам

# БИЗ ЖАШАГАН ЖЕР (ЖЕТИ ОБЛУС)










Кыргызстандын кооз жаратылышы, элинин меймандостугу, маданияты, тарыхы 21-кылымда жашап жаткан элдердин кызыгуусун туудурат.



22-кадам

# БОРБОР ШААР

**Аа, *аа***








Тилиңди жатыктыр:

шар – шаар
ара – араа
сат – саат
тала – талаа
сан – саан
жан – жаан
мал – маал






! *а+а = аа* *аа аа аа аа*

*шаар, аары, Аалы, Саадат, талаа*





# АЙЫЛ ТУРМУШУ

Ээ, (ээ)










жээк тээк ээр

Сүрөттөн эмнелерди көрдүңөр?

*Сөздөр*: бадачы, бада, кой, эчки, уй, жылкы, төө, ит, мышык, кулун, улак, музоо.

| | | | |
|---|---|---|---|
| | . | . | р |
| | . | . | |
| ж | . | . | к |






**Табышмакты тапкыла:**

Ойлонуп ким айта алат,  
Сүттөн эмне жасалат?  
Андан чыккан тамак-аш,  
Кандай-кандай аталат?

*Э э э э ээ ээ ээ ээ*

! *ээк, ээр, бээ, жээк. Бээ жээкте.*

*Жээнгүл, Жээнбек, бээлер, жээктегилер*




# БИЗДИ КУРЧАП ТУРГАН ЖАРАТЫЛЫШ


**Ү ү, үү**
**Ө ө, өө**




Оку, тилиңди жатыктыр:

| | |
|---|---|
| күү | төө |
| күчтүү | өгөө |
| үндүү | сөөлжан |
| жүндүү | жөө |
| сүттүү | сөөмөй |
| көңүлдүү | өрөөн |
| күнөстүү | жөөк |




*ү + ү = үү*　　*ө + ө = өө*　　*өө өө өө*

*күү, күчтүү, үндүү, төө, өгөө, жөө, сөөмөй*

! *Биздин үй сүттүү*



25-кадам

## ЖЫЛ МЕЗГИЛДЕРИ



?

Тармал көкүл бак дагы,
Талаа-түз, тоо жак дагы.
Коон, өрүк, алмурут
Баары, баары сапсары.

Кудум алтын түспөлдүү,
Сары көйнөк күз келди.
Берекенин дасмалы
Каптап калды бүт жерди.



?

Ийне болуп сайылып,
Тийген жерин кайырып,
Боройлотуп тозоңун
Бороон улуйт чамынып.

Жан алекке түшүшүп,
Жатса баары бүт үшүп,
Балдар ойнойт кар чачып,
Кыштын өзүн үшүтүп.



## ?

Жаткан жандай курганып,
Жер жылыды бууланып.
Көчө качты арык кыш,
Түн жамына уурданып.

Жаздын сыйкыр күчүн көр,
Жагалданды бүтүн жер.
Жыбырашып бутактан
Чыга келди бүчүрлөр.





## ?

Аба атыр жыттанып,
Алма эндик сыйпанып.
Муруттарын чыйратат
Арпа, буудай ыкшалып.

Күндүн бою узарып,
Гүлдүн бети кызарып,
Жайдын жаны бир тынбай
Жаткан кези узанып.

*Э. Ибраев*



# II ЧЕЙРЕК

26-кадам

## ЖЫЛ МЕЗГИЛИНДЕГИ ЭМГЕК

**Кайда?**





**Күзүндө балдар эмнелерди жыйнады?**

Катасын ондогула.







**Булар кайда өсөт?**

! бакта < анар, ..., ...

жөөктө < бадыраң, ..., ...



## ОЙЛОН!

### Билбей койду

Балдар келип бүткөндө,
Баарын койдук үстөлгө.
Асыл менен Капарда
2 , 3 .

Кантип келген көтөрүп,
Касым койду 3 .
Байкап турсак Чынарды,
1  чыгарды.

Эсепте деп буларды,
Шайлап койсок Уланды,
Башын тырмап утуру,
Билбей койду ушуну.




27-кадам

## ИШЕМБИЛИК

**Шаарда кимдер жашайт?**




тырмоо, шыпыргы, орок, жалбырак, окуучулар, мугалимдер, машина, таштанды







?

28-кадам

# МУЗЕЙГЕ САЯКАТ



– Бул эмне?
– Бул тарых музейи.

– Анда эмнелер бар?
– ... ... ... ...







! *боз үй, шырдак, бешик, куржун, комуз, чыгдан, туш кийиз, көшөгө, шуру, сандык*

## 29-кадам

# ЖЫЛ МЕЗГИЛИНДЕГИ ЭМГЕК

Өө, өө

?



Сүйлөшүү:

– Бир жылда канча мезгил бар?

– Төрт.

– Жазда Өмүр эмне кылат?

– Жазда ...

– Жайда Өмөр эмне кылат?

– Жайда Өмөр суу сугарат.


– Күздө Мөөр эмне кылат?

– Күздө Мөөр кызылча...


– Кышта ... ?

– Кышта ... .

– Күздө түшүм жыйнайт.




Тилиңди жатыктыр:




| | | | |
|---|---|---|---|
| өнөр | күздө | Мөөр | жөн |
| Өмөр | өрүк | өрөөн | жөө |
| Өмүр | өрдөк | жээк | жөжө |

*Макал*: Өнөр алды — кызыл тил.

!

*Ө, ө, өө, өнөр, өмөр, Мөөр,*

*өрөөн, өрүк, жөөк, жөжө, жоон*



# КЫШКА КАМЫЛГА

Уу, уу



**Сүйлөшүү: (Бири-бириңерге суроо бергиле)**

2. Айткылачы, канаттуулар жана жаныбарлар кышка кандай камданышат?



– Ак куу кайда кыштайт?
– ...
– Кирпи кайда кыштайт?
– ...
– Суур кайда кыштайт?
– ...



Тил жатыктыр:

| | | | |
|---|---|---|---|
| суу | суур | уук | жылуу |
| суук | сулуу | улуу | катуу |
| ак куу | буу | буурчак | буудай |

*Уу, уу, уу, уу, уу, уу*

*суу, суур, суук, буу*



31-кадам

# АЙЫЛДА

Уу, уу



?





Сүрөт боюнча айтып бергиле.

**Сүйлөшүү:**

– Айылда эмне бар?

– ...

– Дыйкан эмне кылып жатат?

– Кыздар эмне терип жатышат?

– ...

– Комбайн эмне кылууда?

– ...

Угуп кайтала:

Эмгектин наны — таттуу,
Жалкоонун жаны — таттуу.

(*макал*)









?



# АЙЫЛДАГЫ АДАМ ЭМГЕГИ

Оо, оо

1



2



?

3




Сүрөт боюнча айтып бергиле.

Тил жатыктыр:

| | | |
|---|---|---|
| тоо | короо | жоон |
| тоок | коон | жоолук |
| музоо | кыштоо | жайлоо |

Сүйлөшүү: (Бири-бириңерге суроо бергиле)

– Таажыкан эмне кылып жатат?
– ...
– Үсөн музоого сүт берип жатат.
– Аэлита балапандарга жем берип жатат.
– ... эмне кылып жатат?
– ... коёндорго сабиз берип жатат.






*Оо, оо*

*тоо, тоок, коон, короо, жоон, жоолук*

33-кадам

# КЫРДААЛ БОЮНЧА СҮЙЛӨШҮҮ

Бул кайсы мезгил?





Булар эмне? — айры, тырмоок, чалгы

## Мектеп багы

Дем алышта мектеп багына бардык. Чөп чаптык, ... жыйнадык. Адил тырмоок менен чөп тырмады. Агай-эжей айры менен чөп чөмөлөдү. Мырзайым менен Элдар чөп ташыды. Биз чөп жыйнаганга жардам бердик.

## 34-кадам

# АЗЫК-ТҮЛҮК ДҮКӨНҮ
?



– Азык-түлүк дүкөнүндө эмнелер болот?

– ... ...



Жакында Диананын туулган күнү болот. Энеси дүкөндөн тамак-аш алып келди.

**Тамак-аштардын аттарын клеткаларга толтургула.**

35-кадам

# КЕЧ КҮЗ



Качан? Эмне кылат? Эмне кылды?

**Сүйлөшүү:**

– Бул кайсы мезгил?
– Күз.
– Күз качан болот.
– Жай мезгилинен кийин.
– Күзгө кайсы айлар кирет?
– ...

**Өзүң сүйлө:**

– Күзүндө окуучулар эмне кылат?
– Күзүндө окуучулар ...

Текстти окуп түшүн:

Күз мезгили өтө кооз. Кыргызстандын түштүгүндө арча токойлору арбын. Алар дайыма жашыл болуп, көздүн жоосун алат. Күзүндө жемиштер бышат. Алма, алча, алмурут, жаңгак дасторконго коюлат.



36-кадам

# КЕЛГИН КУШТАР

?



Сүрөткө карап, бири-бириңерге суроо бергиле:

– Айткылачы, келгин куштарга кандай жардам бересиңер?

Куштардын аттарын билесиңерби?

– ...

? Табышмакты тапкыла:

Желе тартып желпинет,
Жаз болгондо келишет,
Күз болгондо кетишет.

(*К..., т...*)





## 37-кадам

# СҮЙЛӨШҮҮ





Сүрөткө карап көргүлөчү, бири-бирине кандай байланышы бар?

– Бул эмне?

– Бул төө.

– А булчу?

– Ал пил.

– Тигичи?

– Тиги үй.

– Бул эмне?

– Бул күн.

М – тамга төөгө окшош.

Л – тамга пилге окшош.

О – тамга күнгө окшош.

А – тамга үйгө окшош.





Байкагыла, табышмактуу ырдын жандырмагын табалы.

М – тамгасы эмнеге окшош экен?

М – тамгасы төөгө окшош экен.

Л – тамгасы эмнеге окшош экен?

Л – тамгасы пилге окшош экен.


О – тамгасы эмнеге окшош экен?

О – тамгасы күнгө окшош экен.

А – тамгасы эмнеге окшош?

А – тамгасы ...

Үч тамгадан куралган «күн» деген сөздү алалы. Башка үндүү тыбышка өзгөртөлү биз аны.




? Табышмак

Баарыбызга жылмайып,
Күлүп турат,
Баарыбызды маңдайдан
Сүйүп турат. (*к . н*)

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| *Мм* | *Мм* | *төө,* | *төө,* | *төө,* | *төө,* | *төө* |
| *Лл* | *Лл* | *пил,* | *пил,* | *пил,* | *пил,* | *пил* |
| *Оо* | *Оо* | *күн,* | *күн,* | *күн,* | *күн,* | *күн* |
| *Аа* | *Аа* | *үй,* | *үй,* | *үй,* | *үй,* | *үй* |



## 38-кадам

# КЫШ



?






Кышка эмне керек?

кышка — чана — керек
кышка — тон — керек
кышка — кийиз өтүк — керек
кышка — мээлей — керек
кышка — тумак — керек
кышка — отун — керек
кышка — жылуу байпак — керек

Быйыл кыш суук болду. Кар калың жаады. Суу тоңуп, аяз терезени саймалады. Эмдиги жылы кыш мындан да суук болот дешет. Биз кышка тамак-аш, отун, жылуу кийим даярдадык.

**?** Табышмакты табалы:

Көзү жок, колу жок,
Терезеге сайма саят.



## 39-кадам

# КЫШКЫ ТУРМУШ

Кайда? ? Эмне кылып жатат?







Угуп кайтала:

*суук – хурд, хунук*
*тебүү – лагжидан*
*мүмкүнчүлүк – имконият*

Ай нурунда кышкы түн,
Айран төгүп койгондой.
Жаңырыксыз токой чер,
Уктап жатат ойгонбой.

*А. Токомбаев*

Бишкек шаарында кыш өтө суук болбойт. Балдардын чана тебүүгө мүмкүнчүлүгү бар. Алар тоого чыгып, чана, лыжа тебишет.

40-кадам

## ЖАПАЙЫ ЖАНЫБАРЛАР



1. Бул аюу жана мамалагы. Алар эмне кылып жатышат? Ин хирс ва хирсча чӣ кор мекунанд?

2. Бул карышкыр бөлтүрүгү менен. Алар кандай? Ин гург ва бачааш. Онҳо чӣ хеланд?

3. Бул түлкү бачикиси менен. Алар кайда? Эмне кылып жатышат? Алар кандай? Ин рӯбоҳ ва рӯбоҳак. Онҳо дар куҷо? Онҳо чӣ кор мекунанд? Онҳо чӣ хеланд?

4. Бул коён бөжөгү менен. Алар кандай?

Ин харгӯш бо бачааш.

Булар кайда жашайт?

Эмне менен тамактанат?

! *аюу, мамалак, карышкыр, кучук, түлкү, бачики, коён, бөжөк. Булар — жапайы жаныбарлар.*



## 41-кадам

# ЗООПАРКТА

**Булар эмнелер?**





Тигинин аты эмне? Бул эмне?

– Маймыл

– Зоопаркта эмне бар экен?
– ... (үйдө, тоодо, токойдо)
– Ал кандай экен?
– ... (кооз, чоң, кичине)
– Аны мурда көрдүң беле?
– ...

Кечээ биздин шаарга зоопарк келди. Биз барып көрдүк.

Анда Кыргызстанда жашабаган жаныбарлар бар экен.

Нургүл эжей андагы жаныбарлар менен тааныштырды. Зоопарктан мага маймыл, ак куу, арстан, ак аюу, түлкү, мамалак, тоо теке жакты.

*жолборс, бөрсө, маймыл, төө, ак аюу, арстан,*
*кечээ, зоопарк, тааныштырды, түрү, үнү, түлкү*



## 42-кадам

# КОРУКТА




Мунун аты эмне?

Угуп кайтала:

Кулжа, бугу, илбирс, сүлөөсүн, аюу, чөө, жейрен.

**Мелдешип окугула.**

– Корукта эмне бар?

– ...

– Ал кайда жашайт?

– ...

– Кайсы канаттууну билесиң?

–...

– Аны кайдан көрдүң?

Кыргызстандын Кызыл китебине аркар, кулжа, бугу, марал, сүлөөсүн, чөө, кундуз, жейрен кирген. Ал эми канаттуулардан: кунас, ак куу, каз, каркыра, жору, бүркүт, каракур жана башка жаныбарлар кирген.

*сүлөөсүн, аюу, чөө, жейрен, тоодак, жору, бүркүт*

43-кадам

## ЖАНЫБАРЛАРГА КАМКОРДУК



Адилет эмне кылып жатат?

**Өзүң иште:**

– Жаныбарларга кандай камкордук көрдүң?
– Мен чөп салдым, тамак бердим.
– Эмне бактың?
– Жапайы жаныбарларды.
– Кантип багып жатасың?
– ...

Кышында тоолорду кар басып калат. Мындай учурда жапайы жаныбарлар кол карап калышат. Аларга кошумча тоют бербесе, алар кырылып калышы мүмкүн.

*кошумча тоют – хӯрокаи иловагӣ*

! *тоодо, суук, баарын, тоют, мүмкүн, экөөбүз, чөп, үйүр.*



## СҮЙЛӨШҮҮГӨ ҮЙРӨНӨЛҮ – БИЁЕД ШИНОС МЕШАВЕМ

1. **Келгиле, таанышалы!** (Сӯхбат карданро ёд мегирем!)
2. **Сүйлөшкөнгө үйрөнөлү.** (Биёед шинос мешавем)

1) **Ырды уккула, түшүнгүлө.**
Сергей досум экөөбүз,
Сейил куруп бир басып.
Үйрөнөбүз тилди да,
Күндө жаңы сөз жазып.

Мен сүйлөсөм орусча,
Ал тууралап айттырат.
Көнүктүрүп тилимди,
Көңүлүмө жат кылат.

2) Менин атым — Аэлита.
Эми өзүңдү тааныштыр.
Менин атым — Лена.

3) **Төмөнкү балдар менен таанышалы.** Айткылачы, төмөнкү балдар өзүн кантип тааныштырат?
(Бигӯед, ин бачагон чӣ хел ошно мешаванд?)


Адилет


Таажыкан


Лейла


Сауле



Гүзел

4) **Бул жомоктогу каармандар таанышпы?**





## ТОКОЙДОГУ САБАК 45-кадам



! Ойлонгула: **Кирпини ким туура тартты?**

46-кадам

# КИМ ЭМНЕДЕН КОРКОТ?




Аяз коркот ысыктан
Чычкан коркот ...
Чырпык коркот ...
Кургакчылык ...
Караңгылык ...
Торпок коркот ...
Токоң коркот ...
А силер эмнеден коркосуңар?



# III ЧЕЙРЕК

## 47-кадам

## АЛФАВИТ

**(Айтылышы – талаффуз)**

Аа (а) Бб (бэ) Вв (вэ) Гг (гэ) Дд (дэ) Ее (йе) Ёё (йо) Жж (жэ) Зз (зэ) Ии (и) Йй (ий) Кк (ка) Лл (эл) Мм (эм) **Нн (эн) ң (ың)** Оо (о) **Өө (ө)** Пп (пэ) Рр (эр) Сс (эс) Тт (тэ) **Уу (у) Үү (ү)** Фф (эф) Хх (ха) Цц (цэ) Чч (чэ) Шш (ша) Щщ (ща) ъ (ажыратуу белгиси) Ыы (ы) ь (ичкертүү белгиси) Ээ (э) Юю (йу) Яя (йа).

Эмне үчүн тоостун канатындагы тамгалар ар түрдүү түстө?

?




*тоос – товус*
*канат – бол, канот*



48-кадам

# СҮЙЛӨШҮҮ

**Алфавиттин айырмасы эки тилде**

– Бул эмне?

– Элементтер ‾, ˥, ⱶ.

ң

33 + Өө ? Үү = 36

| | | |
|---|---|---|
| өрдөк | жаңгак | үкү |
| көөкөр | бадыраң | үй |
| өрүк | Жаңыл | жүзүм |
| көл | кайың | күрүч |
| өтүк | дөң | үпүп |

Өтүлгөн темалар боюнча мелдешип иштегиле.

| ң | Өө | Үү |
|---|---|---|
| дөңгөлөк | өтүк | сүт |
| миң | төрт | үч |
| ... | ... | ... |
| ... | ... | ... |
| ... | ... | ... |

– Орус алфавитинде канча тамга бар?

– Отуз үч тамга бар.

– Кыргыз тилинде канча тамга бар?

– Отуз алты тамга бар.

– Кантип билдик?

– 3 тамганы коштук.

– Кайсы тамгаларды коштук?

– ө, ү, ң тамгаларын коштук.

– Кайдан орун алышты?

– н, о, у тыбыштарынын жанынан.

– Алар кантип жасалды?

– ...

–Кайсы элементтердин жардамы менен?

!

*Оо өө өө*

*Уу Үү Үү*

*Нн ң ң ң*

*өрдөк, көөкөр, өрүк, көл, өтүк,*

*жаңгак, бадыраң, кайың, үкү, үй*





?

## 49-кадам

# ЖЫЛ МЕЗГИЛДЕРИ

Канча?



?



1. Үчтүн айы Январь
2. Бирдин айы Февраль
3. Жалган куран Март
4. Чын куран Апрель
5. Бугу Май
6. Кулжа Июнь
7. Теке Июль
8. Баш оона Август
9. Аяк оона Сентябрь
10. Тогуздун айы Октябрь
11. Жетинин айы Ноябрь
12. Бештин айы Декабрь






?



?



Бир жылда 12 ай бар. Айдын аттарын чогуу кайталап айткыла.

50-кадам

# ОЙЛО, ОЙЛОН, ОЙЛОП ТАП!



Айлана бүт алтын түс,
Айткылачы, билсең! Ал – ...



Кулак, мурун тоңгон тез,
Куу түспөлдүү мезгил...



Кайтып келди өрдөк, каз,
Кайсы мезгил тапчы ...



Күнү ысык, гүлгө бай,
Күлүп турган учур ...



– Бир жылда канча ай бар?
– ... ...



– Бир айда канча күн бар?
– ... ...



## ТАБЫШМАКТУУ ЖУМАЛАР

Байкап көрсөң абайлап,
Өтүк тумшук жетимин.
Бирок баарың билип кой,
Бир жумада жети күн.



| | |
|---|---|
| Дүй... | дүйшөмбү |
| Шей... | шейшемби |
| Шар... | шаршемби |
| Бей... | бейшемби |
| Жума | жума |
| Иш... | ишемби |
| Жек... | жекшемби |

– Бир жумада канча күн бар?

– ... ...

**Табышмакты тапкыла.**

Кеп-кеңеш берет,
Арипти курап,
Жаралган эмне,
Билимге булак (...)



# КАНЧАНЧЫ? НЕЧЕНЧИ?

**!** Ойлон!

– Бир жумада канча күн бар? Дар як ҳафта чанд рузҳаст?
– 7.
– Бир жылда канча ай бар? Дар як солчанд моҳ ҳаст?
– 12.
– Бир айда канча күн бар? Дар моҳ рӯз ҳаст?
– 28, 29, 30, 31.

| Эсиңе сакта! | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | 1-инчи | 4-үнчү | 8-инчи | 30-унчу |
| | 2-инчи | 6-ынчы | 9-унчу | 40-ынчы |
| | 3-үнчү | 7-инчи | 20-ынчы | 50-үнчү |

Түшүн!

| | |
|---|---|
| 1. – Алоо, бул Адилетпи? | – Ало, ин Адолат аст? |
| – Ооба, мен Адилетмин. | – Бале, Адолат. |
| – Салам! | – Салом! |
| – Кандай жаңылыктар бар? | – Чӣ навигарӣ ҳаст? |
| – Эртең мелдешке барам. | – Фардо ба мусобиқа меравам. |

2. – Аэлита канчанчы класста окуйсуң?
– Мен 1-класста окуйм.
– Биринчи класс канчанчы кабатта?
– Экинчи кабатта, 23-кабинет.

3. Менин эжем Таажыкан. Ал 2-класста окуйт. Агам – Адилет 7-класста. Бөбөгүм 5 жашта.

Канчанчы – инчи, үнчү, ынчы, унчу



*агам – бародори бузург*
*эжем – хоҳари бузурги ман*

53-кадам

## СУРОО БЕРГЕНГЕ ҮЙРӨНҮҮ



– Ин чӣ? – Ин кӣ?
– Ин мактаб. – Ин муаллим.
– Бул эмне? – Бул ким?
– ... – ...



Мен 1-класста окуйм.

| **Ким?** | **Эмне?** |
|---|---|
| – Бул ким? | – Бул эмне? |
| – Бул окуучу? | – Бул күчүк. – (сагча) |
| – Аты ким? | – Аты эмне? |
| – Аты – Адилет. | – Аты – Учар. |
| – Тиги ким? | – Бул эмне? |
| – Ал Аэлита. | – Бул коңгуроо. – (занг) |

**Которуп жазгыла!**

Бул эмне?__________ мактаб. _____________.
Бул ким? __________ муаллим.____________.
Булар кимдер _____ бачагон.____________.

**Суроо бергиле.**

Мектеп, мугалим, күз, мен, сен, бала, окуучу, Аэлита, Адилет, Сергей, Лена.



## 54-кадам

# СҮЙЛӨШҮҮ

Ойлон!

1. Бул ким? — Аэлита, Адилет, окуучу, мугалим, ата-эне

Бул эмне? — Учар (күчүк), өрдөк, поок, каз, улак

2. Которгула:

... — Аэлита, Адилет, окуучу, мугалим, ата, эне

... — Учар (күчүк), өрдөк, поок, каз, улак

3. – Бул күчүкпү?
– Ооба, күчүк.
– Аты эмне?
– Аты – Учар.
– Кимдин күчүгү?
– Менин күчүгүм.

– Бул эмне?
– Бул короо.
– Короодо эмнелер бар?
– Өрдөк, поок, каз, улак, Учар бар.
– Тигил жакта эмне бар?
– Ал жакта уй, музоо бар.

4. – Бул ким? Бул эмне?
– ...
– Бул эмне?
– Бул ...
– Бул ким?
– ...
– Тигичи?
– ...



*коён, Аэлита, поок, короз, уй, түлкү, Адилет, Гүлбүбү, жөжө*



55-кадам

# СУРОО БЕРГЕНГЕ ҮЙРӨНӨЛҮ


**Сүйлөшөлү:**

– Бул мектеппи?
– Ооба, бул мектеп.
– Мектепте ким бар?
– Мектепте мугалим бар.
– Мен ким?
– Сиз мугалим.

– ... мектеп ...
– Ооба, ... мектеп.
– Мектепте ... бар?
– Мектепте ... бар.
– ... ким?
– Сиз ...

**Суроо бергиле.** Сүрөткө карап, клеткаларды толтургула.





– Лена мугалимби?
– Жок, окуучу.
– Тиги ким?
– Ал Азамат.
– Бул Ленабы?
– Жок, ал Лена эмес.
– Ал Аэлита.

– Бул эмне?
– Бул дептерби?
– Ооба, дептер.
– Тиги эмне?
– Ал өчүргүч.
– Бул эмне?
– Бул калем сап.

## 56-кадам

# БИЗДИН ҮЙ-БҮЛӨ

Булар кимдер?



чоң атам

чоң энем





атам

энем



эжем





синдим





агам




мен

жеңем

Менин – ман

Клеткага жетишпеген тамганы жазгыла.




Менин





Менин



57-кадам

## КӨНҮГҮҮ, МАШЫГУУ

1. Кыргызчага которуп сан боюнча клетканы толтургула. Падар, модар, бародар ва хохари ман.



2. Сүйлөшүү.
   - Аэлита бул ким?
   - Ал менин атам, энем.
   - Тигилерчи?
   - Алар чоң атам, чоң энем, агам, эжем, сиңдим.
   - Кайда жашайсыңар?
   - Бишкек шаарында.

3. Биз Ош шаарында жашайбыз. Биздин үй-бүлө чоң. Мен 1-класста окуймун.

менин — атам / ...м / сиңдим

сенин — эжең / агаң / сиңдиң

тигинин — атасы / энеси / ...

### Үй-бүлө

Биздин үй-бүлө чоң. Атамдын аты – Дүрбөлөң. Энемдин аты – Таңгабийке. Эжем Жаңыл, сиңдим Жеңишгүл, агам Коңурбай, иним Жаңгабыл. Чоң энем Оңолкан. Чоң атам Чыңгыз. Жеңем Айтеңир.



58-кадам

# МЕЛДЕШ САБАГЫ

## Ким эмне жейт?



– Лена, уй сөөк жейби?
– Жок, уй чөп жейт.


– Ит эмне жейт?
– Ит ... жейт.

**2. Угуп, туура айткыла!**

шар – шаар
сат – саат
ток – төөк
кон – коон
ор – оор
өгө – өгөө
эн – ээн
чен – чээн

сур – суур
эк – ээк
куш – нууш
ары – аары
бу – буу
жан – жаан
жон – жоон

– Саат канча болду?
– Саат 2 болду.




Ҳарфҳщи садонокро гузоред (шаҳр, соатҳо)



# КАЙДА? КАЙСЫ ЖЕРДЕ?







– Саат кайда? – Күчүк кайда? – Карышкыр кайда?
– Саат дубалда. – Күчүк үйдө. – Карышкыр токойдо.

– Аэлита санаганды билесиңби?
– Ооба, билем.
– Санап көрчү?
– 1 (бир), 2 (эки), 3, 4, 5, 6, 7, 8, 9, 10, 20, 30, 40, 50.

Аэлита кайда? { үйдө / музейде / мектепте / класста / токойдо

Карышкыр кайда? { токойдо / талаада / кой короодо / тоодо / чөлдө

4. **Сүйлөшкөнгө үйрөнгүлө.**

– Күчүгүңдүн аты эмне?
– Күчүгүмдүн аты – Учар.
– Өзүңдүн атыңчы?
– Мен Сергей.

– Учар кайда?
– Учар үйдө.
– А карышкырчы?
– Ал токойдо.



# КЫРДААЛ БОЮНЧА СҮЙЛӨШҮҮ



1. Унутпаймын эч качан,
Бакчадагы күндөрүм.
Уяткарбай эжемди,
Жакшы окуу тилегим.

2. Сүрөт боюнча айтып бер.
– Бул жомокту билесиңерби?
...
– Кызыл топучан кыз кайда бара жатат?
– ...
– Ага ким жолукту?
– ...



3. – Коля кайда?
– Ал бакчанын короосунда?
– Эмне кылып жатат?
– Кар киши жасап жатат?
– ...

4. **Кыш**

Кар калың түштү. Балдар бакчанын короосунда ойноп жатышат. Биринчи топ жылгаяк тепти. Экинчи топ кар киши жасады.



# КАЙСЫ ЖЕРДЕ?



– Доска кайда?
– Доска дубалда.
– Гүл кайда?
– Гүл терезеде.
– Парта кайда?
– ...

доска
стол
отургуч
парта
гүл
→ класста

– Окуучу кайда?
– Окуучу класста.
– Мугалим кайда?
– ...

гүл →
терезеде
карапада
класста
столдо
мектепте

– Класста эмнелер бар?
– Класста парта, доска, стол, терезе, каалга бар.
– Гүл кайсы жерде?
– Гүл терезеде турат.
– Доска кайсы жерде?
– Доска дубалда илинип турат.



– Мугалим кайда?
– Мектепте, үйдө, класста, сабакта.
– Эмне кылды?
– Жазды, окуду, түшүндүрдү.



# СҮРӨТ МЕНЕН ИШТӨӨ



**Пайдаланылуучу сөздөр:** кар жаап жатат, кар жамынган, кар тазалоочу машина, кар тазалоо, кар киши, кар чогулду.


– Кайсы мезгил?
– Кыш мезгили.
– Эмне жаады?
– Кар жаады.
– Кар кандай түштү?
– Кар калың түштү.
– ...

**Табышмакты тапкыла.**
Колу жок, буту жок,
Терезеге сайма саят.



# 63-кадам

## КАНЧА? КАНЧОО?




канчоо?

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | | | ө | ө | |
| 2 | | | | | | |
| 3 | | | | | | |
| 4 | | | | | | |
| 5 | | | | | | |
| 6 | | | | | | |
| 7 | | | | | | |

**Тамгалар кыргызча кандай жазылат?**





Зээрде канча тыйын бар, ирети менен санагыла.

Энемдин зээри бар.

– Зээрде канча чоң тыйын бар?

– Зээрде 4 чоң тыйын бар.

Ар биринде экиден, төрттөн кичине тыйындар.

*көпөлөк, зээр, бирөө, экөө, үчөө, төртөө, бешөө, алтоо, жетөө*



64-кадам

# ТАБЫШМАКТУУ ТАМГАЛАР



[И] – өз үйүн көтөрүп жүрөт.

[Ү] – ар дайым дасторкондо.

[а] – баканы жутту (курбоккаро фуру бурд ).

[Ж] – токойдогу карагайды жыгат.

[ч] – ачабыз киребиз.

[Ү] – сойлойт, баспайт (эмне кылат?).

[н] – күч берет.

[У] – сүт, эт берет.

[Ө] – бутакта сайрайт.

*илек-илек – лайлак*

? Эмне үчүн тамгалар табышмактуу болуп калды.



## 65-кадам

# АҢГЕМЕЛЕШҮҮ









«Жазгы төл» деген темада аңгеме түзүп көрөлүчү.

Эчкинин көркү – төл менен,
Эгиндин көркү – жер менен.
Эмгектин көркү – төр менен,
Эр жигит көркү – эл менен.

*Токтогул*

*жазгы төл – зоиши баҳори*

*төл, элик, көрк, кулун, козу,*
*улак, музоо, ууз, кымыз*


## 66-кадам

## БАРБЫ? ЖОКПУ?

**Өзүң иште:**

– Терезеде ... барбы?
– ... бар.
– Терезеде ... жокпу?
– Терезеде ... жок.
– Терезеде ... .

– Бакчада ... барбы?
– ... бар.
– Бакчада ... жокпу?
– ... жок.
– Бакчада ... .











! Сүрөттөрдү пайдаланып текст түзөлү.

67-кадам

## ЭМНЕДЕ? КИМДЕ? КАЙДА?



**Бул жомок таанышпы?**



Жомок айтууга көнүгөлү.

68-кадам

## ТЕКСТ МЕНЕН ИШТӨӨ

Жаа! Жаа! Жамгырым, жамгырым,
Гүлдөт шактын бардыгын.

### Мөндүр

Дыбырап жамгыр жаады. Бир аздан соң топ-топ этип мөндүр түшө баштады.

Кичинекей Адил үйдө отурган чоң атасына:

– Чоң ата, асмандан топтор жаап жатат.

– Тезирээк жүрү, чоң ата.

Чоң атасы шашпай эшикке чыкканча, мөндүр тез эле токтоп калды.


Чоң атасы:

– Кана, жаап жаткан топтор? – деп сурады.

– Сиз тезирээк келсеңиз, топ эрип кетмек эмес, – деп ыйлады кичинекей Адил.

Эмне үчүн Адил ыйлады? Бул кайсыл мезгил?

**Сүрөткө карап, клетканы толтургула.**





Туура жаз: *Жаады, мөндүр, чоң, тезирээк, жааган, жаа.*



## 69-кадам

# МЕЛДЕШ САБАГЫ

1. Бек тоо,
Бекем тоо
Бер жагы,
Бермет зоо,
Бермет зоо,
Берметиң
Берери.

2. Көпкөк,
көпөлөк,
көп болуп
көкөлөп,
көргүн деп,
көксөтүп,
көңүлдү көтөрөт.

*А. Осмонов*

2. Берилген сандарга ***өө, оо*** мүчөсүн улап айткыла:
1, 2, 3, 4, 5, 6, 7.
3. Үй буюмдарын атагыла (7): диван, стол, ... .
4. Үй буюмдарынын канча экендигин аныкта:
– Диван канча? – Бирөө. ...
– Отургуч канчоо? – Алтоо. ...
5. Жемиштер менен жашылчаларды ажыраткыла:



Жөөктө: сабиз, ... . Бакта: алма, ... .

*алма, алмурут, анар, өрүк, кара өрүк, коон, дарбыз, бадыраң, сабиз, пияз, баклажан*

70-кадам

# СҮРӨТ БОЮНЧА АҢГЕМЕ








аз

көп




**Санай бил.**
1 – бир, 2 – эки,
3 – үч, 4 – төрт,
5 – беш, 7 – жети,
9 – тогуз, 10 – он,
20, 30, 40, 50.

он



сол






Кайсынысы аз?

Саначы.




### Туулган күн

Менин туулган күнүм болду. Классташтарым келди. 10 кыз, 9 бала. Торт менен чай ичтик. Жүзүм жедик. Туулган күн көңүлдүү өттү.

*аз, көп, шам, жүзүм*
*Туулган күн көңүлдүү өттү.*



72-кадам

## АҢГЕМЕЛЕШҮҮ САБАГЫ

1. Сүйлөшүү:

– Аэлита сенин дептериң канча?

– Менин дептерим бешөө.

– А сеники канча?

– Меники экөө.

2. – Бул класспы?

– Жок, китепкана.

– Китептер көппү.

– Ооба, көп.

Адилет, Алексей экөө сабакка даярданып жатат.



4. Бул китепкана. Анда китептер көп. Каныш китепканачы. 1-катарда окуу китептер. 2-катарда жомоктор. 3-катарда ар түрдүү китептер.

Аэлита «Кыргыз эл жомогу» деген китепти алды.

| азбы? көппү? |
| --- |
| 2 бала<br>30 кыз<br>40 китеп<br>4 бала<br>25 шуру<br>3 карга<br>70 ... |



*окуучулар, аз, көп, үчөө, компьютер*

## 73-кадам
## ТЕКСТ МЕНЕН ИШТӨӨ

Угуп, түшүн:

**Карга бизден да кир тура**

Бир жолу Апенди баласы экөө кир жууганы көлгө барышты. Карга самынды тиштеген бойдон учуп кетти. «Апенди, – деп кыйкырды баласы. Тезирээк, карга самынды алып кетти!». «А сен ага эмне анча чебеленесиң? – деди Апенди камырабай. – Карга бизден да кир тура».

Түшүнгөнүңдү айтып бер.



?

Актыгы – кардай,
Каралыгы – көөдөй,
Отурганы – бектей,
Учканы – октой.

*карга – зоғ*
*кир – чиркин*
*самын – собун*
*кыйкырды – дод зад*
*тезирээк – зудтар*

Балдар, карга чын эле кирби?

74-кадам

## КЫРДААЛ БОЮНЧА СҮЙЛӨШҮҮ

### Эне

Эне, сага кандай мактоо жарашат?
Эне, сенден ким сыймыкты талашат?
Эне менен теңдеше албайт эч бир жан,
Бардык мактоо сага гана жарашат.

*А. Токомбаев*



Кайсы күн?

1. – Бүгүн сегизинчи март.
   – Кандай күн?
   – Энелердин күнү.
2. Аэлита, мени карачы!
   – И, эмне болду.
   – Бул кандай жоолук экен.
   – Жакшы жоолук экен.
   – Эмне кыласың?
   – Энеме белекке берем.



3. – Эне, майрамың менен куттуктайм.
   – Ыракмат, кызым. Бактылуу бол!
4. – ... , майрамың менен ... !
   – Ыракмат, Адил.
   – Өмүрлүү, ... бол.

– Ким акыры?
– Мен.

*Бактылуу, кымбаттуу, урматтуу, эне, эже,*
*8-март майрамыңыздар кут болсун!*

75-кадам

# КЫРГЫЗ ОЮНУН ОЙНОЙЛУ



1. Жоолук таштамай



2. Чүкө атуу



3. Көз таңмай



4. Ак терек, көк терек

76-кадам

## ЭМНЕ КЫЛДЫ?

**Силер бул жомокту билесиңерби?**



*Жасады, бышты, качты, жолукту, алдады, кармады, жеди.*

77-кадам

# ТЕКСТ АРКЫЛУУ СҮЙЛӨШҮҮ


**Өгүз жана музоо**

Өгүз күнү бою талаада иштеп, чарчап кечинде үйгө келди. Семиз музоонун эч нерсе менен иши жок. Өгүздү аяды. Музоо кожоюнун өгүздү эмне кыйнайсың деп сөктү.

Өгүз музоого айтты:

– Бирөөнү, бирөө бекер бакпайт!

Эмгек, бекерчи. Иштесең тиштейсиң.



Музоонун айтканы туурабы?

! *Эмгек, бекерчи. Иштесең тиштейсиң.*

78-кадам

## ТЕКСТ МЕНЕН ИШТӨӨ



### Ажал менен абышка

Кедей абышка токойго отунга келди. Отунун жыйнап таңды. Үйү ыраак, абдан чарчады. Таңган отунун жерге таштап.

– Жашоодон кечтим! Тез эле ажал келсе боло!

Ажал пайда болду:

– Мына мен! Эмнеге чакырдың!

Абышка корккону нан:

– Отунумду көтөртүп койчу!

*кедей – камбагал*
*отун – ҳезум*
*чарчады – хаста шуд*
*ажал – марг*
*коркконунан – аз тарс*

1. Кедей абышка кайда келди?
2. Эмне кылды?
3. Эмне үчүн жашоодон кечти?
4. Абышка эмне үчүн коркту?
5. Ажалга эмне деп жооп берди?

**Ачкыч сөздөр:** жашоо кыйын, өлүм, коркунучтуу, ажал.



# VI ЧЕЙРЕК

## 79-кадам

## КАНЧА? НЕЧЕ?

1. – Аэлита канчанчы класста окуйсуң?
   – Мен 1-класста окуйм.
   – Таажыканчы?
   – Ал 3-класста окуйт.

2. – Сен, мектепке качан келдиң?
   – Мен биринчи келдим.
   – Экинчи ким келди?
   – Экинчи Мээрим келди.

3. – Классың канчанчы кабатта?
   – Үчүнчү кабатта.
   – Бардык сабак үчүнчү кабатта болобу?
   – Жок, сүрөт сабагы биринчи кабатта болот.

**Байкагыла!**

| -ынчы | | | -ынчы | |
|---|---|---|---|---|
| | он | + унчу | | онунчу үй |
| | жыйырма | + ынчы | | жыйырма ... үй |
| | отуз | + унчу | | отуз ... үй |
| -ынчы | кырк | + ынчы | -ынчы | кырк ... үй |
| | элүү | + нчү | | элүү ... үй |
| | алтымыш | + ынчы | | алтымыш ... үй |
| | жетимиш | + инчи | | жетимиш ... үй |

*Мен биринчи класста окуйм. Аскар экинчи класста окуйт. Айзада 9-класста. Биз 5-кабатта жашайбыз.*





## 80-кадам

# КАНЧАНЧЫ? НЕЧЕНЧИ?

### Сүрөттүү ыр

Дем алыш. Таң азанда
Жүрүп кеттик сапарга.
Капчыгайга барабыз.

3 , 12 

2 , 2  бар.

Буларды да эсепке ал!
Кечте кайра тартабыз,
Бардыгыбыз канчабыз?

*Э. Ибраев*

| | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | | | -инчи | 1 |
| | | | | | | | | -инчи | 2 | |
| | | | | | | | -үнчү | 3 | | |
| | | | | | | -үнчү | 14 | | | |
| | | | | | -нчү | 50 | | | | |
| | | | | -ынчы | 60 | | | | | |
| | | | -инчи | 70 | | | | | | |
| | | -инчи | 80 | | | | | | | |
| | -унчу | 90 | | | | | | | | |
| -үнчү | 100 | | | | | | | | | |

Сандарга мүчө улап жазгыла:

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | бир ... | 60 | ... | 20 | ... | 40 | ... |
| 10 | он ... | 80 | ... | 30 | ... | 44 | ... |

*биринчи, онунчу, жетинчи, сегизинчи,*
*60-ынчы, 70-инчи, 8-инчи, 90-унчу*




81-кадам

## САНАГАНДЫ ҮЙРӨНӨЛҮ

Клеткаларга калтырылган сандарды койгула.




3. Канча сом? Сомдогу адамдарды билесиңерби?




*Бир жылда он эки ай бар.*

*Бир айда 29, 28, 30, 31 күн болот.*

*Бир жумада жети күн.*



## 82-кадам

# АҢГЕМЕЛЕШҮҮ


1. – Аэлита атаңдын аты ким?
   – Атамдын аты Нурлан?


2. Жети атаңды билип ал: 1-атаң, 2-чоң атаң, 3-бабаң, 4-бубаң, 5-кубаң, 6-жотоң, 7-жетең.

3.

| Менин жети атам | 1 -инчи атам | 2 -инчи чоң атам | 3 -үнчү бабам | 4 -үнчү бубам | 5 -инчи кубам | 6 -ынчы жотом | 7 -инчи жетем |
|---|---|---|---|---|---|---|---|

4.




5. Толуктап жазгыла.

**Биздин үй-бүлө**

Биз шаарда жашайбыз. Мен үч бир тууганмын. Биринчиси – Адилет. Экинчиси – Таажыкан. Үчүнчү – мен. Энемдин аты – Нүргүл. Атамдын аты – Нурлан. Мен жети атамды билем. Кыргыз тил сабагынан үйрөндүм.

Билип алгыла!

1. Менин – атам, чоң атам, бабам, бубам, кубам, жотом, жетем.
2. Сенин атаң, чоң атаң, бабаң, бубаң, кубаң, жотоң, жетең.
3. Анын атасы, чоң атасы, бабасы, бубасы, кубасы, жотосу, жекеси, жетеси.



## 83-кадам

# МЕЛДЕШ САБАГЫ


1. Жети атаңды билесиңби?




2. Биринчи иш күнүң качан?
3. Жуманын кайсы күнү эс аласың?
4. Окуу жылы качан башталат?
5. Сенин туулган күнүң качан?
6. Кайсы мезгилди жакшы көрөсүң?



# КИМ КӨП БИЛЕТ?




Бир жылда 4 мезгил. Ар бир мезгилде үч ай бар. ***Кыш айлары***: декабрь – 31 күн, январь – 31, февраль – 28 же 29. ***Жаз айлары***: март – 31, апрель – 30, май – 31. ***Жай айлары***: июнь – 30, июль – 31, август – 31. ***Күз айлары***: сентябрь – 30, октябрь – 31, ноябрь – 30.

Жыл мезгилдерине ыр, табышмак айткыла?

Сүрөткө карап аңгемелешкиле.




85-кадам

# ЖУМАНЫН АТТАРЫ

Бир жумада жети күн бар.
1. Дүйшөмбү –
2. Шейшемби –
3. Шаршемби –
4. Бейшемби –
5. Жума –
6. Ишемби –
7. Жекшемби –

**Жуманын аттарын адашпай толтургула.**



жек
иш
жум
бей
шар
иш
дүй

1. – Таажыкан бир жумада канча күн бар?
   – Бир жумада 7 күн бар.
   – Бүгүн кайсы күн?
   – Бүгүн – шейшемби.

2. – Аэлита, бүгүн дүйшөмбүбү?
   – Жок, бүгүн дүйшөмбү эмес, бүгүн жума.
   – Чын элеби?
   – Ооба. Кечээ бейшемби болчу.

**Бүгүн дем алыш**

Мен айылга барам. Чоң атам, чоң энем айылда жашайт. Ал жер абдан кооз. Жайкысын жер бети жашыл. Ар кандай гүлдөр көп. Эртең энемдин туулган күнү. Мен көп гүл терип, гүлдесте жасадым. Энемдин туулган күнүнө белек кылам.



## 86-кадам

# КҮЗ КҮРӨШ, ЖАЗ ЖАРЫШ










Бул комбайн. Комбайнда комбайнер. Ал түшүм жыйноодо. Машинада айдоочу. Ал буудай ташыйт. Анын аты – Жеңиш.

*түшүм – ҳосил*

*Жүгөрү, буудай, кара буудай, сулуу, арпа – дан өсүмдүктөрү.*

87-кадам

## КЫРДААЛ БОЮНЧА СҮЙЛӨШӨЛҮ

1. Сүрөткө карап кыштын белгилерин айткыла. Бири-бириңерге суроо бергиле.





2. Айткылачы, кышында кишилер кандай кийинишет?

3. Адилет эмне кылып жатат?



4. – Сергей эмнеден жыгылды.
   – ... ... ...

Быйыл кар калың түштү. Адилет кар күрөп жатат. Кышында жылуу кийинебиз. Чана тээп ойнойбуз.



## Сүрөт менен иштөө



**Суроолорго жооп бергиле:**

1. Бул кайсыл мезгил?
2. Шаардын көрүнүшүбү же айылбы?
3. Булар эмне кылып жатышат?
4. Элестеткилечи, силер жазында кандай иш жасамакчысыңар?

*Жаз мезгили. Жазында шаарды тазалайбыз.*

89-кадам

# АҢГЕМЕЛЕШҮҮ



Окуп, эки бактын айырмасын байкагыла.



1. – Кичинекей данекти,
Ким дүйнөгө жаратты?
– Бак бутагын силкинтип,
Туш-тарапка ким таратты?
– Жел.
– Ал данекти агызып,
Ким качырып баратты?
– Суу.
– Данек ачка болгондо,
Ким ичирди тамакты?
– Жер.
– Ал данекти кайрадан,
Ким даракка айлантты?
– Күн.

*А. Мураталиева*

2. Агарып кат-кат кабыгы,
Алыстан эле дапдайын.
Ким билбейт бул даракты,
Анын аты – ак кайың.

*Ы. Кадыров*

## Данек

Адилет өрүктүн данегин отургузду. Андан кичинекей чырпык өсүп чыкты. Көп убакыт өттү. Ал өсүп, дарак болду. Жазында апакай гүл ачып, жайында мөмөлөдү. Эң ширин өрүк жедик. Данеги таттуу экен.



Кайыңда данек болобу?



90-кадам

# КЫРГЫЗСТАНДЫН КЕЛЕЧЕГИ – МАМЛЕКЕТТИК ТИЛИНДЕ

## Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тил гимни

*Сөзү:* Сейит Алтымышовдуку.
*Музыкасы:* Бакыт Алишеровдуку.

Тил жаралып Көкө Теңир таңынан,
Адамзаттын дөөлөтүнө буйруган.
Адам деген түп сөзүнөн элимдин,
Кыргыз тили ай-ааламга жаңырган.

*Кайырма:* Кыргыз тили – жүрөгүм,
Манас ата туу туткан.
Кыргыз тили – мекеним,
Менин өлкөм – Кыргызстан!

Мекен тили – Ата журттун кареги,
Бirимдиги, күч-кубаты, тиреги.
Мекен тили – куттуу кыргыз элимдин,
Көкүрөктө согуп турган жүрөгү.

*Кайырма.*

Мекен тилин ыйык тутуп сактайлы,
Мекен тили – бак-таалайдын кутманы.
Мекен тили кан-жаныбыз, туубуз,
Ата журттун келечеги, ак таңы.


*Кайырма.*

Өнөр алды – кызыл тил, тилсиз эл жок, тил – улуттун жаны.



## 91-кадам

# СҮРӨТ МЕНЕН ИШТӨӨ



Айбандардын падышасынын досторунун атын атагыла!

л
и п

ю
у а

с р о
б л о
ж



у
с
р у

с ү
ө ө н
с ү л

*пил, сүлөөсүн, арстан, үкү,*

*карышкыр, аюу, жолборс, суур*




## 92-кадам


# МЕЛДЕШ САБАГЫ




Сүрөттө эмнелер тартылган, аттарын клеткаларга ирети менен толтургула.






*коңуз, дөңгөч, дөңгөлөк, кайың, бадыраң, тоңкулдак, жаңгак, чаң, дөң.*



93-кадам

## СҮЙЛӨШҮҮГӨ МАШЫГАЛЫ

1. – Аэлита, каякка бара жатасың?
   – Мектепке бара жатам.
   – Мектебиң кайда?
   – Токтогул көчөсүндө.
   – ...

2. – Адилет, ай Адилет!
   – Эмне, энеке!
   – Каяктасың? Келип жардам берчи.
   – Макул, энеке, азыр.

3. – Сиз кайсы аялдамадан түшөсүз?
   – Мен ... аялдамасынан түшөм. А сенчи?
   – Мен эң акыркы аялдамага чейин барам.

4. – Энеке, сиз кайда барасыз?
   – Мен мектепке барам. А өзүңчү?
   – Мен стадионго барам.
   – Кайсы аялдамадан түшөсүң?
   – ... аялдамадан түшөм. Сиз кайсы аялдамадан түшөсүз?

5. Сүйлөшүүнү уланткыла.
   – ...



## 94-кадам
## АТА МЕКЕНИБИЗ – КЫРГЫЗСТАН



### Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Гимни

Сөзү: Ж.Садыков, Ш. Кулуевдики,
Муз.: Н.Давлесов, К.Молдобасановдуку.

Ак мөңгүлүү аска-зоолор, талаалар,
Элибиздин жаны менен барабар.
Сансыз кылым Ала-Тоосун мекендеп,
Сактап келди биздин ата-бабалар.

*Кайырма*: Алгалай бер, кыргыз эл,
Азаттыктын жолунда.
Өркүндөй бер, өсө бер,
Өз тагдырың колуңда.

Байыртадан бүткөн мүнөз элиме,
Досторуна даяр дилин берүүгө.
Бул ынтымак эл бирдигин ширетип,
Бейкуттукту берет кыргыз жерине.

*Кайырма*.
Аткарылып элдин үмүт-тилеги,
Желбиреди эркиндиктин желеги.
Бизге жеткен ата салтын, мурасын,
Ыйык сактап, урпактарга берели.

**Биздин Ата Мекенибиз Кыргызстан деп аталат. Биз жашаган жер – Кыргызстандын бир бурчу. Өлкөбүздө 80ден ашык улуттун өкүлдөрү жашайт. Алардын баары тең укуктуу. Биздин Ата Мекенибиз – абдан кооз, тоолуу, суусу таза, жери кенен. Борбор шаарыбыз – Бишкек.**



95-кадам

## ТЕКСТ МЕНЕН ИШТӨӨ

**Угуп, тилиңерди жатыктыргыла**



А бул – арча жапалак,
Андан комуз жасалат.
Кыш, жай өңү карыбай,
Жашыл тартып жашарат.

1. – Бул эмне?
   – Бул арча.
   – Арчанын өңү кандай?
   – Арчанын өңү жашыл.
   – Андан эмне жасалат.
   – ...



2. – Кимдин комуз үйрөнгүсү келет?
   – Менин.
   – Анда мектепте комуз ийрими бар. Жазылгыла.

### Комуз

Комуз элибиздин музыкалык аспаптарынын ичинен эң керемети. Анын үнү мукам, назик. Бул аспап өрүк, алмурут, карагай, арчадан жасалат. Ал эми кылдары койдун ичегисинен даярдалат. Комуз күүлөрүндө кыргыздардын бүткүл турмушу, элге, жерге болгон сүйүүсү, эрдиги, кубанычы, кайгысы камтылган.

**Табышмакты тапкыла:** Ичи ичинде, ичегиси тышында.

*(к...з)*

*Кыргыз элинин музыкалык аспаптары: комуз, жыгач ооз комуз, темир ооз комуз, чоор, добулбас, сурнай, кыл кыяк.*



96-кадам

## БАКЧА

Ырды угуп, жаттап алгыла. «Бакча» деген темада аңгеме түзгүлө.

### Бакча

Сөзү: *М. Буларкиеваныкы*, обону: *К. Эралиеваныкы.*

Биздин бакча гүл бакча,
Жер-жемиштин баары бар.
Ар бурчунан ар башка,
Каалаганың табылар.

Конок болуп дайыма,
Жекшембиде баргыла.
Айтар сөзүм даам татып,
Келип көрүп алгыла.





Күз келди. Алма, жүзүм, шабдаалы, алмурут бышты. Бакча көркүнө келди. Жекшембиде барып жемиш жыйнайбыз.



97-кадам

## СҮЙЛӨШҮҮ

1. – Лена, кыргыз тили сабагы качан болот?
   – Кыргыз тили сабагы эртең болот.
   – Үй тапшырманы айтып койчу?
   – Жуманын күндөрүнө карата аңгемелешүү.
   – Жок, ал кечээ берилген да.
   – Анда жыл мезгилдери боюнча мелдешебиз.
2. – Аэлита, комузуңду берип турчу?
   – Жок, бербейм.
   – Эмне үчүн?
   – Кечээ күнү Лена кылын үзүп койду.
3. Кыргыз тили сабагы. Коңгуроо болду. Окуучулар класска кирди. Сабак башталды. Мугалим окуучуларга суроо менен кайрылды:
   – Бир жылда канча мезгил бар?
   – Ким кайсы мезгилди жакшы көрөт?

Аэлита:
   – Мен жаз мезгилин жакшы көрөм.
   – Эмне үчүн?
   – Мен жаз айында төрөлгөм. Жазында майрамдар көп. Келгин куштар келет.

4. Суроолорго жооп бергиле.
   – Кайсы тилдерде сүйлөй аласыз?
   – Кыргыз, орус тилдеринде сүйлөй алам.
   – Кыргыз тилин үйрөнүп жатасызбы?
   – Ооба, жакшы сүйлөй албайм.
   – Жай, шашпай сүйлөсөм түшүнөсүзбү?
   – Ооба, анда түшүнөм.
   – ...



## СҮРӨТ БОЮНЧА АҢГЕМЕ. ЫСЫК-КӨЛДӨ



1. Кайсы мезгил?
2. Жайында кайда эс алдыңар?
3. Ал жактан эмне көрдүңөр?
4. Эстегилечи, кандай жагымдуу окуялар болду?
5. Жээкте дагы эмнелер бар?

Ойлон!

Сүрөт боюнча бири-бириңерге суроо бергиле.



Ысык-Көл – эл байлыгы.

## 99-кадам

# ТЕКСТ МЕНЕН ИШТӨӨ

### Эмне үчүн тишибиз түшөт?

Жер шарында жашаган бардык жаныбарлардын тиши бар. Мисалы, адамда, койдо, чычканда, балыкта. Алар тиштери менен тамакты чайнап жейт.

Адам баласы төрөлгөндө тиштери жок төрөлөт. Жарым жылдан кийин алгачкы тиштери чыга баштайт. Бул тиштер сүт тиштер деп аталат.

Алты жаштан баштап сүт тиштери түшүп, алардын ордуна жаңы тиштер чыгат. Адам баласынын тиштери өмүрүндө бир жолу жаңыланса, акуланын тиштери улам жаңыланып чыга берет.

1. Тиш эмне үчүн керек?
2. Ким тиши жок төрөлөт?
3. Качан тиш чыга баштайт, ал эмне деп аталат?
4. Качан түшүп, кайра чыгат?
5. Эмненин тиштери улам жаңыдан чыгып турат?

Билип алгыла!

Биринчи тиш щётка 1498-жылы Кытайда жасалган.



## 100-кадам

# ЖОЛ ЖҮРҮҮНҮН ЭРЕЖЕЛЕРИ

Ырды окуп, мазмунун түшүнгүлө.

### Светофор

Сөзү: *К. Алиевдики,* обону: *А. Бөдөшовдуку.*

Алды-артыңды байкагын,
Алданбагын оюнга.
Чуркап өтөм дебегин,
Жолдун аркы боюна.

*Кайырма:*
Кызыл күйдү карагын,
Токто, кайда шашасың.
Сары күйсө камданып,
Жашыл күйсө басасың.



Өткөөл жолдон өтүп жүр,
Машинадан сак болуп.
Билгин жолдо жүргөндү,
Эрежеге так болуп.

*Кайырма:*
Сергек болуп өзүңө,
Көп ойнобо көчөдө.
Карап жүр эки жагыңды,
Качан басып өтөрдө.





Мектепке бара жатканда машинадан сак бол. Жолдун чети менен бас. Көчөдө баратканда шашпа! Жолдон эл өтчү жерден өт. Кандай жол белгилерин билесиң? Светофорду кара. Автобуска, троллейбуска арткы эшигинен кир, алдыңкы эшигинен чык. Шашпа, эл менен түртүшпө.



101-кадам

## АҢГЕМЕЛЕШҮҮ

**Угуп, жаттап ырдагыла.**

Мен тоолордо төрөлгөм,
Мен тоолордо көгөргөм.
Ат үстүндө эмизип,
Апам бешик өңөргөн.

Тоонун түрлүү ташынан,
Чөнтөк-чөнтөк жыйнагам.
Азоолорду үйрөтүп,
Тай-кулундар туйлаган.

*Т. Кожомбердиев*



Сүрөткө карап аңгемелешели.

102-кадам

## ОЙЛОНГУЛА!..

Ушул туурабы?



Бакта эмнелер өсөт?

– Бул эмне?

– Бул ...

– Ал кайда өсөт?

– ... бакчада өсөт.

– Сабиз бакта өсөбү?

– Жок, ал бакчада өсөт.

– ...

*Баклажан бакчада өсөт. Дөңгөлөк, жумуртка, үкү, кат, картөшкө, ашкабак, карагат ...*

103-кадам

## ТЕКСТ МЕНЕН ИШТӨӨ

Жомокту мелдешип окугула.

### Мышык, чычкан тууралуу

*(Уйгур жомогу)*

Мышык чычканды кармап алды да, тырмактарын чала матырып ойной баштады.

– И-и, акыбалың кандай, достум, – деп сурап коёт кээде.

– Сен мени көп кыйнабай жегиң келсе, же – дейт чычкан.

– Акмактын өтүнүчүн көр! – Мышык жон талаштыра согуп калды эле, чычкан ийининин оозуна жете түштү.

Күндөр өттү арадан. Мышык жашаган үйдүн ээси таранчыларды кармамакчы болуп, короо алдына тор керди. Ага мышык чатышып калат. Чычкандын буга аябай табасы канып, жанына басып келди:

– И-и, акыбалың кандай, достум! – деди мышыктын сөзүн кайталап.

Кантсе да чычкандын боору ооруп, торду кырча-кырча чайнап, тешиктерин чоңойтту. Мышык баш бакканда, безип качты. Андан жакшылык күтүп болбойт эмеспи.



Ойлонгулачы!

– Мышык эмне үчүн чычканды кыйнады?

– ...

– Мышык кантип торго чалынды?

– ...

– Эмне үчүн чычкан мышыкты бошотту?

– ... .


«Жамандыкка жакшылык» деген сөз кайдан чыкты?..



104-кадам

# КИМ КАЙДА ЖАШАЙТ?

тоңкулдак  карга  чабалекей  бүркүт



Орундарын тапкыла?

# ЖЫЛДЫК КАЙТАЛОО

**I. Суроолорго жооп бергиле.**

1. – Тиги кимдин үйү?
– Ал Сыргактын үйү.
– Тиги кимдин мектеби?
– ...

2. Кырдаалга карап сүйлөшкүлө.
– Жолдон качан өтүүгө болбойт?
– ...
– Бөбөгүңдү кантип сооротосуң?
– ...

3. Бөбөгүң кир оюнчукту оозуна салса, эмне кыласың?
– ...

**4. Төмөнкү диалогдорго суроо бергиле.**

– ...
– Жолдон өтпө, баспа, чуркаба.
– ...
– Кой ыйлаба, тентек болбо.
– ...
– Кой, бул жаман оозуңа салба, ойнобо, ооруп каласың.
– ...
– Ал дарыны ичпе. Көп күлбө.
– ...
– Кой, ал кичине, урба.
– ...
– Асыл, сен баланы ыйлатпа.
–...

**II. Кырдаал боюнча сүйлөшкөнгө үйрөн.**

1. – Сен кимдин баласысың?
– Мен атамдын баласымын.
– Атаңдын аты ким?
– Атамдын аты – Алмаз.



2. – Бул кимдин иниси?
– Бул Сыргактын иниси – Аскар.
– Бул кимдин агасы?
– Бул менин агам – Адилет.

3. – Күн качан жаайт?
– Күн бүркөлгөндө.
– Күн качан бүркөлөт?
– Билбейм.

---

Күн кызарат,
Чөп бышат –
Бул качан болот?

Эгин орулат,
Жалбырак соолот,
Токоч толот –
Бул качан болот?

Суук ызылдайт,
Кулак тызылдайт,
Күрткү толот –
Бул качан болот?

---

**III. Мелдешип оң, тетири окуп көргүлө.**

«Шаш» ты терс окусаң,
«Шаш» болот.
«Шат» ты терс окусаң,
«Таш» болот.
«Күлүк» тү терс окусаң,
«Күлүк» болот.
«Пүпү» нү терс окусаң,
«Үпүп» болот.
«Эле» ни терс окусаң,
«Эле» болот.
«Келе» ни терс окусаң,
«Элек» болот.
«Акча» ны терс окусаң,
«Ачка» болот.

«Аксак» ты терс окусаң,
«Каска» болот.
«Касса» ны терс окусаң,
«Ассак» болот.
«Каксак» ты терс окусаң,
«Каскак» болот.
«Акта» ны терс окусаң,
«Атка» болот.
«Акса» ны терс окусаң,
«Аска» болот.
«Керек» ти терс окусаң,
«Керек» болот.
«Керет» ти терс окусаң,
«Терек» болот.



## МЕЛДЕШИП ОКУГУЛА!

**Эмнеге окшойт тамгалар?**




Абай салып өзүңөр,
Салыштырып алгыла.
**Г** окшотуп туткасыз,
Коюп койгон чалгыла.



**Ж** нын неге окшору,
Белгилүү го баарына.
Мен окшотом айнекке,
Конуп турган аарыга.



Окшоштугун табам деп,
Алектенсең сен бөлөк.
**Ө** дегениң ортодо,
Белбоосу бар дөңгөлөк.



**Ү**гө окшош таппасаң,
Оюңа алгын сен муну.
Эсте тике караган,
Эки ача мүйүз бугуну.

*А. Кыдыров*

## КИМ КӨП БИЛЕТ?

**Макалдар**

Ата Мекен жөнүндө:

«Ата Журтуң – алтын бешигиң».
«Мекенсиз адам – үнсүз булбул».
«Элди баккан жер өлбөйт,
Эр төрөгөн эл өлбөйт».

«Жерин сүйбөс эл болбойт,
Элин сүйбөс эр болбойт».

Ата-эне жөнүндө:

«Ата – өчпөгөн чырак, эне – соолбос булак».
«Атаң барда эл тааны, атың барда жер тааны».
«Эне сүтүн актоо – унутулгус парз».
«Эне сыйлаган элине жагат».
«Атанын чапкан жолу бар,
Энеңин тиккен тону бар».

Мелдешип макал айтышкыла.

«Ата журтуң – алтын ...».
«Мекенсиз – үнсүз булбул».
«Элди баккан жер ...».
«Эр төрөгөн эл ...».
«Жерин сүйбөсө ... эр сүйбөс ...».
«Ата өчпөс ... , эне соолбос ... ».
«Атаң барда эл ... , атың барда ...».
«Эне сыйлаган ... ...».
«Эне сүтүн актоо ... парз».

## ҮЙ КАНАТТУУЛАРЫ

Ырды окуп, ырдап көрөлү.

Жөргөлөгөн жөжөлөрүм,
Бөбөгүмдөй көрөмүн.
Чыйпылдашып ээрчигенде,
Жемден чачып беремин.
Кулаалыга алдырбайм,
Кумайыкка жедирбейм.

Эрте туруп жем чачамын,
Уйкучу кыз дедирбейм.

*А. Исаев*

## Маанилүү даталар

8-март – аялдардын эл аралык күнү.

8-март – бир кылымдан ашык убакыттан бери дүйнө элдери белгилеп келе жаткан өзгөчө майрам. Биринчи жолу Германияда өткөрүлгөн аялдардын бүткүл дүйнөлүк конгрессинде Клара Цеткин тарабынан сунушталган. Ошол күндөн баштап 8-март – Аялдардын эл аралык күнү катары кабыл алынып, майрамдалып келет.

1-сентябрь – Билим күнү.

1-сентябрда Билим күнүн белгилейбиз. Бул күн мектептерде, окуу жайларда жакшы маанай менен майрамдалат.

1-июнь – Балдарды коргоонун эл аралык күнү.

Баланын үй-бүлөдөгү орду, кубанычы жөнүндө ата-бабаларыбыз «Балалуу үй базар», «Баланын болгону – бакыттын конгону», – деп өтө терең маани беришкен.

Адам баласы жаралгандан бери эле баланы медер тутуп, канием кылып, турмуш жолун улап келген. Баласыз бул жашоону элестете албайбыз. Ошондуктан балдардын бактысы үчүн күрөшүү керек.

## Ынтымак

Бөбөгүмө үйрөтөм,
Ынтымак деп сүйлөтөм.
– Сиз, – деп калат энемди,
Өзүм сиз деп сүйлөсөм.

*Кайырма*:

Келчи балдар биз дагы,
Сыйлашып сый жүрөлү.
Ырыс алды ынтымак,
Ынтымакты сүйөлү.

*М. Тойбаев*

Элдик майрамдарды билип алалы: 1. Орозо айт (рамазан; 2. Курман айт; 3. Нооруз майрамы.

### Ак бата

Байыртадан берки бабаларыбыз улуулардын, акылман, каадалуу карылардын батасын алган.

Бабалардын батасы жаштарга накыл, осуят, ант, мыйзам сыяктуу болуп келген.

Арчадай өмүрлүү бол,
Ысык-Көлдөй терең бол.
Арстандай кубаттуу бол,
Бакайдай акылман бол.

*Кусейин Карасаевдин батасы*

Бак карасын,
Кыдыр даарысын,
Эл ичи тынч болсун,
Эмгек жайнап турсун,
Береке сайран курсун,
Омийин!
Алоо акбар!

*Акын Жеңижоктун батасы*

Огузу болгун жылдыздын,
Туйгуну болгун кыргыздын,
Жетиси болгун жылдыздын,
Жетиги болгун кыргыздын,
Учу болгун кылычтын,
Учкуну болгун жылдыздын,
Сабы болгун кылычтын,
Сазы болгун кыргыздын.
Омийин!

**Кызык экен окуйлу!**

Телебектин үйүнө таякеси жайлоодон кымыз алып келип калды. Бир аяк кымызды жутуп жиберип, Телебек:

– Кайсы жайлоодосуз, – деп таякесине ырахаттанып.

– Сөөктө.

– Ой-ой, таяке анда мени да ала барсаңызчы, барып, чучук жеп келейин, – деген экен, ого бетер сүйүнүп.

*С. Акматов*

Билип алгыла. Пайдалуу кеңештер.

**Шабдаалы**



Эзиле бышкан шабдаалы ашказан үчүн сиңимдүү. Бирок шабдаалыны тамактан мурда жеген оң. Анын майын баш ооруга жана ысык-сууктан пайда болгон кулак ооруларга колдонсо болот.

**Жүзүм**



Үзүлгөндөн кийин эки-үч күн сакталган жүзүм жаңы үзүлгөн жүзүмгө караганда даамдуу. Мейизи – боор менен ашказандын чыныгы досу. Жүзүм жана мейизди данеги менен чогуу жесе, ичеги оорулар айыгат экен. Мейиздин өзү – бөйрөккө табылгыс дары.

**Лимон**



Лимондун майы мээ тамырлары чарчаганда пайдалуу. Ал сарык ооруга пайдалуу, кыямы өпкө менен тамакка жакшы.

**Бака жалбырак**



Бул өсүмдүктүн өңү кочкул жашыл түстө. Анын түспөлү баканы элестетет. Ошол үчүн ал *бака жалбырак* деп аталган. Бака жалбырак жолдун боюнда, арыктын жээгинде, саздак жерлерде өсөт. Жалбырагы жазы келип, тарам-тарам тарамыштары бар. Анын дарылыгы: кесип алган жерге таңып койсо, тез айыгып кетет. Курт-кумурска, жылан чакканда да анын пайдасы чоң. Тамак-ашка да пайдаланылат.

**Гимн** – салтанаттуу аткарылуучу мамлекеттик ыр. Кыргыз Республикасынын мамлекеттин гимнинде кыргыз жеринин кооздугу, элибиздин байлыгы, ата-баба мурасы, бүгүнкү күн, келечек даңазаланган.

**Герб** – мамлекетти айырмалоочу расмий эмблема. Мамлекетте жашаган элдердин биримдик белгиси. Биз-

публиканын гербинде мөңгүлүү тоо, Ысык-Көл, күндүн нуру, буудай, пахта жана эркиндиктин белгиси – ак шумкар тартылган.

Биздин мамлекеттин туусу кызыл түстө болгону – мекенди коргоого даяр экендиктин белгиси. Туудa күн шооласы тегиз чачырап турат. Күн өмүр, жашоо деген түшүнүктү билдирет. Боз үйдүн түндүгү тартылган. Ал ынтымактын белгиси, эгемендүүлүктү түшүндүрөт.

**Бат айтма**

Кайсы кайчы
Кайкы кайчы.
Кайкы кайчы
Кайсы кайчы.
Кайкы кайчы,
Кайкы кайчы,
Кайсалатпай
Билсең айтчы.



*Абзий Кыдыр уулу*

**Тажик тилинен кыргыз тилине которгула.**

**ХАРГӮШАКОН**

Дар саройи Максим қафасе ҳаст. Дар қафас харгӯшҳои хокистаррангро гузоштаанд. Максим харгӯшҳоро хӯрок дод. Дар назди қафас хӯрок гузоштаанд, мисли: карам, сабзӣ, беда. Хоҳари Максим – Ира, оби кранро кушод ва ба харгӯшҳо об дод.

*хокистарранг – боз*
*хӯрока, ем – жем*
*кушод – ачты*

## ДАР БОҒИ ҲАЙВОНОТ

Аэлита моро ба боғи ҳайвонот овард. Дар боғи ҳайвонот ҳар хел ҳайвонҳои ваҳшӣ ҳастанд. Ана гургҳои бадхашм. Ин ҷо паланг. Дар он ҷо филҳо.

Бубинед! Бубинед! Фарёд зад Лена. Мор аз хонааш баромада ҳаракат кард.

## ХОРПУШТАК

Боре бачагон дар ҷангалзор буданд. Банохост бачагон шуниданд, ки дар назди дарахти арча касе хишир- хишир мекунад.

Нигоҳ кунед, он ҷо хорпуштак!

Гамбӯсак ба харгӯшак ҳамла кард.

Дар он ҷо набудааст! Бинии худро ба хори хоруштак захмӣ карда, гамбӯсак ба сӯи дигар рафт.

## ОФТОБ

– Модар, бигӯд, офтоб чӣ аст?

Он чӣ, ки хело равшан ҷило медиҳад. Акнун аз даричаи тиреза ба сӯи ту менигарад ва табассум мекунад!

– Барои чӣ офтоб ба назди тирезаи мо кам меоядʼ, ва кам табассум мекунад.

Барои он ки офтоб рӯз ба рӯз бояд тамоми оламро гармӣ диҳад.

– Модар бигӯед, офтоб модар дорад?

Не, азизам.

– Кӣ ӯро дар худи оламҳои Илоҳӣ навозиш ва гарми медиҳад?

Көркөм окууга машыккыла.

**Тууган-туушкандыкты атоо**

Ата, эне, уул, кыз, чоң ата, чоң эне, аке, аба, байке, ага, ини, апа, синди, карындаш, жеңе, келин, кайната, кайнене, кайнага, кайнеже, кайын жеңе, кайын синди, ини, балдыз, жээн, күйөө бала, таята, таене, таяке, таеже, аяш ата, аяш эне, өкүл эне, өкүл ата, өкүл кыз, өкүл уул.

**Көрүп жазуу диктанты.**

1. Дөңгөлөк, бадыраң, үзөңгү, ширеңке, кайың, оң, өң, чоң эне, караңгы, аң, Чыңгыз.

2. Бул жүзүм багы. Жүкүн, Жаркынай, Жаңыл, Жеңиш жүзүм терди. Терген жүзүмдөрдү себеттерге салышты.

3. Жака, жол, жөжө, жүгөрү, жүзүм, жумуртка, Жылдыз, жип, жем, жок. Жаңыл жөжөлөргө жем берди.

4. Сат – саат, шар – шаар, кат – каат, оз – ооз, кон – коон, кур – куур, төө, жөө, өрөөн, жалбырак, ата журт.

5. Жаңы жыл келди. Женя, Жаныш үйлөрүнө балаты орнотту. Балатыны жакшынакай жаңы оюнчуктар менен жасалгалашты. Алар эми жаңы жылды жакшы тосушат.

**Сөздүк диктант.**

1. Калпак, кыш, мышык, бычак, кур, каз, короз.

2. Кат, кой, кур, кыш, кыз, каш.

3. Карга, кагаз, топоз, чалгы, бугу, гүл, сызгыч, алма багы.

4. Үкү, үпүп, үлүл, күн, дүрбү, үтүк, Гүлнар, гүл, күз, үч.

5. Көз, өрдөк, күрөк, көйнөк, көпүрө, өрдөктөр, көл.

**Чыгармачылык диктант.**

1. С.з, .рд.к, .лк., к.з, .ур, .аз, .ороз, .ыш.
2. Дара., тара., .ыз, .аз, кар.а, то.уз, бу.у, ча.гы.
3. .кү, үп.п, к.н, д.рб., г.л, .ч, к.ч.к, .т.к.
4. Бул к.л. К.лд. .рд.кт.р.
5. Бул – көпүр.. .мүрбек к.пүр.д.н .түп баратат.

Тажик тилинен кыргыз тилине которгула.

## КӢ АЗ КӢ МЕТАРСАД

Муш аз гурба метарсад,
Сардӣ аз гармӣ,
Шоха аз бузак метарсад,
Хушки – аз чашма,
Торикӣ – аз чароғ
Гӯсола аз химча метарсад,
Танбал аз дарс.

*Т. Коҫомбердиев*

*муш – чычкан* *хушки – кургакчылык*
*гӯсола – музоо* *метарсад – коркот*

Текстти окуп, кыргызча айтып бергиле.

1. Ин хонаи мо. Хона тоза ва равшан аст. Хона ду тиреза дорад. Ин хиёбони мо аст. Кӯча васеъ ва зебо аст. Дар хиёбон мардум зиёд ҳастанд.

*хона – бөлмө* *равшан – жарык*

2. Мо дар хонаи нав зиндагӣ мекунем. Хонаи мо хело зебо аст. Ҳавлии калон. Хиёбон ҳам васеъ аст. Мағоза дар қисмати рости хиёбон воқеъ аст.

*ҳавлӣ – короо* *васеъ – кең*

Сабакты активдештирүү үчүн берилген кошумча материалдар:

Күрөң аюу, ак аюу,
Жана да бир карасы.
Алма ыргытса ал, аны,
Жалмап койду карачы!

Сүйөт демек аюулар,
Мөмө-жемиш дегенди.
Жакшы көргөн жаныбар,
Чөп тамырын жегенди.

*Б. Асаналиев*

Энекем бактым, ак таңым,
Мөмөлөсүн бак-шагың,
Бүркөлбөсүн асманың.

Ким тууралуу айтылып жатат?

Эне сага кандай мактоо жарашат?
Эне сенден ким сыймыкты талашат?
Эне менен теңдеше албайт эч бир жан,
Бардык мактоо сага гана жарашат.

*А. Токомбаев*

# КЫРГЫЗЧА – ТАЖИКЧЕ СӨЗДҮК

### А

аары – занбӯр
адеп – одоб, боодобӣ
азамат – офарин
азык-түлүк – хӯрока
айдоочу – ронанда
айрыкча – ба хусус, хосса
айт – гуфтан
айыл – деҳот, қишлоқӣ
айылдык – деҳотӣ, қишлоқӣ
ак куу – қу
акча – пул, сомонӣ
акылдуу – боақл
акырын – оҳиста, бо суръати кам
алкыш – таъриф, сипосгузорӣ
алма – себ
алмурут – нок
алты – шаш
алча – олболу, олуча
алыс – дур, дурӣ
ант – қасам, қасамёд
апа – модар, оча
апта – ҳафта
аралаш – омехта, аралаш
арип – ҳарф
ата – падар
ачкыч – калид
ачуу – туруш, талх

### Б

баа – баҳо
бакча – боғча, кӯдакистон
баалуу – тамом, ҳамааш
батыр – қаҳрамон
бадыраң – бодиринг
базар – бозор
байге – ҷоиза
байпак – ҷуроб
бака – қурбоққа
бак – боғ
бакыт – хушбахтӣ
баала – баҳо бидеҳ
бала – бача, тифл
балдар – бачагон, бачаҳо
балаты – қоч
балка – болға
балык – моҳӣ
балта – табар
балмуздак – яхмос
балапан – чӯҷа
бармак – ангушт
балалык – бачагӣ, кӯдакӣ
баштык – сумкача
беде – юнучқа, беда
бейтааныш – ношинос,
бейшемби – панҷшанбе
биз – мо
биздики – азони мо
бийик – баланд, баландӣ
белгилүү – машҳур, маъмул
билдирүү – иттилоот, хабар додан
билерик – дастпона
билим – дониш, илм
билимсиз – бедонишӣ
бир – як
биримдиктүү – ягона, якто
бутак – шохи дарахт
бээ – гӯсола
булбул – булбул
бой – қад, қомат
байке – бародар

бычак – корд
бөжөк – харгўшак
бүлдүркөн – марминҷон

Г

гана – танҳо, аммо, фақат
гүл – гул
гүлдесте – гулдаста
гүлдүү – рангоранг
гүлзар – бўстон, гулзор

Д

даамдуу – бомаза, хушмаза
даанышмандык – хирад
дайыма – ҳамеша
дарак – дарахт
дарбыз – тарбуз
дарыгер – табиб
дарыя – дарё, рудхона
дасторкон – дастархон
даярдан – омода бош
дептер – дафтар
дүйнө – дунё, олам
дөңгөлөк – чарх
достук – дўстӣ
дыйкан – деҳқон

Ж

жаан – борон
жаз – баҳор
жаз – навис
жазгы – баҳорӣ
жаздык – болишт
жазуу – навиштаҷот
жай – тобистон
жайлоо – айлок, бошишгоҳ
жака – гиребон, яқа
жакшы – хуб, нағз
жакшылык – хуб, некӣ
жакын – наздик, яқин
жалбырак – варақ
жалган – дурўғ
жалгыз – ягона, танҳо
жалкоо – танбал
жаман – бад
жамгыр – борон
жаныбар – ҳайвонот, ҷонивар
жаңы – нав
жапайы – ваҳшӣ
жашыл – сабз
жезде – домод
желек – байрақ, ливо
желим – ширеш
жемиш – меваҳо
жең – остин
жеңе – зани бародари калонӣ, янга
жеңиш – пирўзӣ, ғалаба
жер – замин
жети – ҳафт
жетиген – хирсмодаи бузург
жетимиш – ҳафтод
жип – ришта, нах
жөжө – чўҷа
жол – роҳ
жолборс – паланг
жомок – афсона
жүз – сад
жүзүм – ангур
жума – ҷумъа
жумшак – мулоим, нарм
жуун – шустушў кун
жыл – сол
жылан – мор
жылдыз – ситора
жылдык – солона

жылкы – асп
жыт – бӯй
жыттуу – хушбӯй
жээк – соҳил
жээн – ҷиян

### З

зергер – ҷавоҳир, усто
зарыл – зарур

### И

ийне – сӯзан
имарат – бино, иморат
ини – додар
ит – саг
ичке – борик, нафис
иш – кор
ишемби – шанбе
ишеним – боварӣ, эътимод

### К

каалга – дар
каалоо – хоҳиш
кабак – қавоқ
кагаз – коғаз
кадам – қадам
каз – ғоз
каз – кофтани чоҳ
казан – дег
кайгы – ғам
каймак – қаймоқ
кайчы – қайчӣ
кайык – заврақ
кайың – тӯс, дарахти тӯс
калем – ручка
калп – дурӯғ
канат – бол, қанот
кандай – чӣ хел, чӣ тур
кар – барф
кара – сиёҳ
карагай – қоч
карагат – қот
каражат – хароҷот
караңгы – торик
карга – зоғ
каркыра – лаклак, лайлак
карындаш – хоҳари хурдӣ
карышкыр – гург
кат – хат, мактуб
ката – хато, иштибоҳ
катуу – қавӣ, мустаҳкам
каш – қош, абру
кашык – қошуқ
каякка – кучо
кездеме – мато
келгин куштар – мурғони кӯчанда, мурғони муҳоҷир
келин – арӯс, келин
кемпир – пиразан
кенен – васеъ, паҳн
керек – зарур, лозим
керексиз – нолозим
кечирим – бахшиш
кечээ – дирӯз
кийим илгич – мехи либос, либосовез
кийим – либос
кийин – баъд, сонӣ
кийин – бипӯш
китеп – китоб
күз – тирамоҳ
күзгү – оина
күкүк – куку, фохтак
күлкү – ханда
күн – офтоб, хуршед

күрөк – бел
күтүү – интизор шудан
күчүк – сагча
козу – барра
кой – гӯсфанд
коңгуроо – занг
кооз – зебо
коом – харбуза
көпүрө – кӯпрук, пул
короз – хурӯс
короо – ҳавлӣ
көчө – хиёбон, кӯча
көчөт – кӯчат, ниҳол
кулпу – қулф
куурчак – лӯхтак, арӯсак
куш – парранда
күчтүү – қавӣ
кыз – духтар
кызыктуу – шавқовар, ҷолиб
кызыл – сурх
кыргоол – мурғи даштӣ, тазарв,титав
кыска – кӯтоҳ
кыш – зимистон
кышында – дар зимистон

**М**

маданий – фарҳангӣ
маек – сӯҳбат
майда – хурд
маймыл – маймун
майрам – ид, ҷашн
макта – таъриф
мактанчаак – таърифчӣ
мал – ҳайвон
малчы – чӯпон
мамиле – муомила, муносибат
мамлекет – давлат
манжа – ангушт
мейман – меҳмон
мен – ман
меники – азони ман
моюн – гардан
мугалим – муаллим
муздак – сард, хунук
муздаткыч – яхчол
музоо – гӯсола
мурун – бини
мурун – қабл, аввал
мыкты – беҳтар
мындай – ҳамин хел, ҳамин тавр
мышык – гурба
мээлей – дастпӯш

**Н**

назик – нозук
намыс – номус
нан – нон
нур – нур
ным – намӣ, тарӣ

**О**

ой – фикр
ойно – бози кардан
оку – хондан
окутуучу – муаллим
окуу – хониш, таълим
окуу курал – маводи дарсӣ
он – даҳ
оң – рост
оңой – сабук
ооз – даҳон
оор – душвор, вазнин
оору – беморӣ
орок – дос

орун – чой
оттоо – захрпечак
отуз – сӣ
отун – ҳезум
отургуч – сандали
очок – очоқ
ошол – ҳамчунин
оюнчук – бозича

**П**

пил – фил
пияз – пиёз

**Ө**

өгөө – суҳон, сӯян
өгүз – барзагов
өз – худам
өздүк – шахсӣ
өзөн – дарёча
өйдө – болои
өкмөт – ҳукумат
өлкө – мамлакат, кишвар
өмүр – зиндагӣ
өндүрүш – маҳсулот
өнүгүү – пешрафт, тараққиёт
өрдөк – ӯрдак, мурғобӣ
өркөч – тахтапушт
өрт – сӯхтор
өс – расиш, сабзидан
өсүмдүк – растанӣ
өспүрүм – наврас
өтүк – мӯза
өткүн – борони кӯтоҳмуддат
өчүрүү – шустан, хомӯш кардан
өчүргүч – хат тозакун

**С**

саан – дӯшой
саат – соат
сабак – дарс
сабатсыз – бесавод
сабаттуу – босавод
сабиз – сабзӣ
сагызган – акка
сакал – риш
сакта – ҳифз кардан
саламатсызбы – ассалом
саламатчылык – ассалом, саломалейкум
саламдаш – салом кардан, ҳолпурсӣ кардан
самоор – самовар, худҷӯш
самын – собун
сан – сана, рақам
сана – шумоҷидан
сап – қатор
сары – зард
сат – фурӯхтан
саякат – сайёҳат
себеп – сабаб, иллат
сегиз – ҳашт
секир – паридан
сексен – ҳаштод
семиз – фарбеҳ
сөз – сухан, калом
силер – шумо
сүйлө – бигӯ
сүрөт – акс, наққошӣ
сүт – шир
сөйкө – гӯшвор
сол – чап
сөөк – устухон
сорпо – шӯрбо, мастова
сулуу – зебо, хушрӯ

суроо – савол
суу – об
суук – хунук, сард
суур – суғур
суюк – обакӣ
сызгыч – хаткашак
сыйлык – мукофот
сыр – панир, сыр

### Т

таажы – шона, шонаи сар
таалай – хушбахтӣ, саодат
таан – зоғча
тааныш – шинос
таанышуу – шинос шудан
таарынуу – ранҷидан
таарынчаак – зудранҷ
таасир – таассурот
табак – хӯрок
табият – табиат
табышмак – чистон
таза – тоза, покиза
таене – модарбузург аз тарафи модар
талаа – майдони кишт
талаачылык – зироаткорӣ
талант – истеъдод
там – хона, бино
тамаша – истироҳат, дилхушӣ
тамчы – қатра, чакра
танапис – танаффус
тапшырма – вазифа
тарак – шона
тарбия – тарбия
тартип – тартиб, назм
тартипсиздик – беназмӣ
татаал – душвор
таш – санг
ташта – парто
таштанды – кӯхнакола, чизҳои кӯҳна
тебетей – кулоҳи сари мардона
тил – забон
тиш – дандон

### У

убада – ваъда
убактылуу – муваққаттан
убакыт – вақт
угуу – шунидан
угуучу – хушкунанда
узун – дароз, тӯлонӣ
уй – гов
уйку – хоб
уйкулуу – хоболуд
уйчу – чӯпон
ук – шунидан
укта – хобидан
укук – ҳуқуқ
улак – бузича
улут – миллат
улуттук – миллӣ
улуу – бузург
унут – фаромӯш кун
унутчаак – фаромӯшхотир
урук – тухмӣ
уруксат – рухсат
уруш – ҷанг, занозанӣ
уста – усто
устат – устод
уул – писар
уч – парвоз кун
учкуч – лётчик
уя – лона
уялчаак – шармгин

## Ү

үй – хона
үй – ҷамъкардан
үйлөнүү – хонадор шудан
үкү – бум
үкөк – сундукча
үлпөт – гурӯҳи дӯстӣ
үмүт – орзу
үн – овоз
үндүү – ҷарангдор
үндөштүк – ҳамоҳанг
үңкүр – ғор
үпүп – парранда, удот
үстөл – миз
үтүр – вергул
үч – се
үчүнчү – саввум
үшүү – хунук хӯрдан
үшүк – сард

## Ч

чаар – ҳарранга, рангоранг
чабалекей – парасту
чака – сатил
чал – пирамард
чаң – чанг, ғубор
чарба – хоҷагӣ, чорво
чатыр – бом
чач – мӯ
чебер – устод
чегиртке – малах
чек – сарҳад
ченем – андоза
чие – олу, олуча
чогулуу – омода шудан
чоң эне – модарбузург аз тарафи падар

## Э

эне – модар
эшик – дар
эмен – булут

### А

ангур – жүзүм
анор – анар
абрӯ, кош – каш
абр – булут
азони мо – биздики
арра – араа
ангушт – манжа
айвон, шипанг – сере

### Б

бом – чатыр
баҳорӣ – жазгы
баҳор – жаз
баланд – бийик
беназмӣ – тартипсиздик
беморхона – оорукана
бузург, калон – чоң
боварӣ, эътимод – ишеним
борон – жаан, жамгыр
бачагон – балдар
бачагӣ – балалык
бино, иморат – имарат
бозӣ кардан – ойноо
бозича, лӯхтак – оюнчук
боғ – бак
боғча – бакча
боғбон – багбан
бӯй – жыт
болға – балка
бузича – улак
булут – эмен
бетарбия – адепсиздик
бесаводӣ – сабатсыздык
бӯр – мел
бача – бала
бахшиш – кечирим
бодиринг – бадыраң
баҳо бидеҳ – баалоо
баҳо – баа
болишт – жаздык
бошишгоҳ – үңкүр
баъд, сонӣ – кийин
бад – жаман
бозӣ – оюн
бипӯш – кийин

### В

ваҳдат, ягонагӣ – биримдиктүү
ваҳшӣ – жапайы
варақ – жалбырак
варақ – барак
ваъда – убада

### Г

гуфтан – айтуу, сүйлөө
гург – карышкыр
гурба – мышык
газнок, бо газ – газдалган
гӯсфанд – кой
гирифтан – ал
ғоз – каз
гандум – буудай
ғам, андӯҳ – кайгы
гӯсола – бээ
гов – уй
гаҳвора – беши

гандумӣ – таруу, буудай

Д

дар зимистон – кышында
дирӯз – кечээ
духтар – кыз
дур – алыс
дастпона – билерик
дар – каалга
деҳот, қишлоқ – айыл
дарахт – дарак
дӯстӣ – дружба
дониш, илм – билим
домод – күйө бала, жезде
дӯшой – саан
деҳқон – дыйкан
деҳотӣ, қишлоқӣ – айылдык
дарё – дарыя
дору – дары
дурӯғ – жалган
дег – казан
дастпӯш – мээлей

З

зангӯла – коңгуроо
замин – жер
зимистон – кыш
зоғ – карга
зоғча – таан
зиндагӣ, хаёт – өмүр
занбӯр – аары
зебо – кооз, сулуу
заврақ – кайык
зудранч – таарынчаак
зарур – зарыл
зироаткорӣ – талаачылык
зарф – идиш аяк

И

истеъдод – талант
интизорӣ, интизор шудан – куту
истироҳат кун – эс ал
истеҳсолот – өндүрүш

К

қарағай – карагай
коғаз – кагаз
кучо, ба кучо – каякка
куку – күкүк
қошуқ – кашык
қанот, бол – канат
китоб – китеп
кӯтоҳ – кыска
кофтан, чуқурӣ кофтан – каз
кӯчат, ниҳол – көчөт
корд – бычак
қуи сафед – ак куу
кор – жумуш, иш
кӯрпа – жууркан
камёфт – чанда

Л

лона – уя
лаклак – каркыра, илек-илек
лозим – керек
либос – кийим
лётчик– учкуч
лӯхтак – куурчак

М

модарбузург, момо – чон эне, таене
мехи либос – кийим илгич
мурғони кӯчанда – келгин куштар
мусича, кумрӣ – бактек

мустаҳкам – катуу
машҳур, маъмул – белгилүү
мукофот – сыйлык
мағоза – дүкөн
модар – эне
миллӣ – улуттук
мор – жылан
миллат – улут
муносибат, иртибот – мамиле
машғулият, дилхушӣ – көңүл ачуу
моҳи – балык
маймун – маймыл

**Н**

наздик – жакын
некӣ, хубӣ – жакшылык
нок – алмурут
нозук, нафис – назик
ноошно – бойтааныш
нодонӣ – билбестик
нолозим – керексиз
навигарӣ, хабари тоза – жаңылык
нав – жаңы
нах, ришта – жип
навиштаҷот – жазуу
наврас – өспүрүм
назм – тартип
нарм, мулоим – жумшак
нур – нур
навис, бинавис – жаз

**О**

овоз – үн
олу, олуча – алча
омода шудан – даярдануу
омода шав – даярдан
одамони босавод – сабаттуу адамдар
обакӣ – суюк
оина – күзгү
омехта – аралаш
остин – жен
оҳиста – акырын, жай
ошхона – ашкана
офарин – азамат
орзу – үмүт
очоқ – очок

**П**

партофтан – ташта
пилки чашм, пилк – кылым
пилк, кавок – кабак
пӯшида – жабык
паланг – арстан
парвоз кун – үч
пиёз – пияз
пул, сомонӣ – акча
парранда – чымчы
пул, кӯпрук – көпүрө
падар – ата
поин – жапыз
пирӯзӣ, ғалаба – жеңиш
паридан – секир
пешрафт, тараққиёт – өнүгүү

**Р**

ронанда – айдоочу
ранҷидан – таарын
ранг – сыр, боёк
роҳ – жол
рӯймолча – бет аарчы
рӯймол – жоолук
ручка – калем сап
рост, тарафи рост – он
растанӣ – өсүмдүк

## С

сана – сан
сафед – ак
сухан кун, бигӯ – сүйлө
сол – жыл
солона – жылдык
ситора – жылдыз
сабзиш – өс
сайёҳат – саякат
сабаб – себеп
сӯхтор – өрт
санг – таш
сурат, акс – сүрөт
сӯзан – ийне
сарҳад – чек ара
сурх – кызыл
сабук – оңой
собун – самын

## Т

тарбуз – дарбыз
тӯс – карагай
табиат – табият, жаратылыш
тасма, камарбанд – бел, кур
тухмӣ – урук
тарбия – тарбиялоо
тарафи чап, чап – сол
танбал, коргурез – жалкоо
туруш – ачуу
танҳой – жалгыздык
тирамоҳ – күз
тобистон – жай
табобат гирифтан – дарылануу
той, тойча – жеребенок

## У

устухон – сөөк

## Ч

чизу чора – буюм
чашма – булак
чанг, ғубор – чан
чарх – дөңгөлөк
чой – жай, орун
чайла, хайма – чатыр
чӯпон – жылкычы
чӣ хел, чӣ гуна? – кандай?

## Я

як – один
ягона, танҳо – жалгыз

## Ф

фурӯхтан – сатуу
фарҳангӣ – маданияттуу
фарқ – айырма

## Х

хушмаза, бомазза – даамдуу
харбуза – коон
хона, утоқ – бөлмө
хун – кан
хоҳиш – каалоо
худ – өз
худчӯш, самовар – самоор
харҷ – чыгым
хушбӯ – жыттуу
хушҳол, хурсанд – кубанычтуу
хӯрок – табак
харгӯшак – бөжөк
хатпоккун, хаттозакун – өчүргүч
хӯрок, таом – даам, тамак
хӯрока – азык-түлүк

хушҳолӣ, хурсандӣ – кубаныч
ҳарранга, рангоранг – чаар
хурӯс – короз
хосса, махсус – өзгөчө
хато, иштибоҳ – ката
хат, мактуб – кат
хониш, таълим – окуу
хурд – майда
хоҳари хурдӣ – карындаш

### Ш

ширеш, часп – желим
шавқовар, ҷолиб – кызыктуу
шонаи зичдандона – короздун таажасы
шона, тахтапушт – өркөч
шона – тарак

### Қ

қад, комат – бой
қатор, саф – сап, катар
қарор – чечим
қабл, аввал – мурун, мурда
қатра, чакра – тамчы
қуфл – кулпу
қулфинай – бүлдүркөн
қасам, касамёд – ант
қаҳрамон – баатыр
қайчӣ – кайчы
қурбоққа – бака
қоч – балаты
қоқу – каакым

### Ҳ

ҳуқуқ – укук
ҳукумат – өкмөт
ҳезум – отун
ҳарф – тамга
ҳама, хама чи – баары
ҳамеша – дайыма
хомӯш кардан – өчүр
ҳавлӣ – короо
ҳафта – жума
ҳайвон – ҷонивар
ҳудро сафед, химоя кардан – актоо, алкыш

### Ҷ

ҷашн, ид – майрам
ҷоиза – байге
ҷазо – жаза
ҷуворимакка – жүгөрү
ҷуроб – байпак
ҷиян, фарзанди бародар, хохар – жээн
ҷумъа – жума

# МАЗМУНУ

## I ЧЕЙРЕК

1. Кыргызстандын келечеги мамлекеттик тилинде........................5
2. Бакча ........................6
3. Мектеп К (кы), Кк (ки)........................7
4. Бул биздин мектеп. Ким? Эмне?........................8
5. Биздин класс. Кайсы?........................9
6. Окуу куралдары. Кимдин? Кимдики?........................10
7. Класста........................11
8. Бакта. Г,г (гы), Гг (ги). Эмне? Кайда? Эмнелер?........................12
9. Мектептин багы. Гг (гы), Гг (ги). эмнелер? Кимдер?........................13
10. Үй. Үү, Өө. Ким? Эмне? Кимдин?........................14
11. Биздин үй. Үү, Өө........................15
12. Үй-бүлө (н)........................16
13. Биздин ата-энелер. Булар кимдер?........................17
14. Үйдөгү турмуш ........................18
15. Жашылча-жемиштер. Жж........................19
16. Үй буюмдары. Бул эмне? Кайда турат?........................20
17. Тамак-аш. Оо. Кайда?........................21
18. Адамдын дене мүчөлөрү. Сүйлөшүү........................22
19. Кийим-кечек. Бул эмне? Кимдин? ........................23
20. Дүкөндө. Бул эмне?........................24
21. Биз жашаган жер........................25
22. Борбор шаар. Аа (аа)........................26
23. Айыл турмушу. Ээ. Бул эмне?........................27
24. Бизди курчап турган жаратылыш. Үү, Өө........................28
25. Жыл мезгилдери. Үү, үү........................29

## II ЧЕЙРЕК

26. Жыл мезгилиндеги эмгек. Кайда?........................31
27. Ишембилик. Шаарда кимдер жашайт?........................33
28. Музейге саякат........................34
29. Жыл мезгилиндеги эмгек........................35

30. Кышкы камылга......36
31. Айылда......37
32. Айылдагы эмгек......38
33. Кырдаал боюнча сүйлөшүү......39
34. Азык-түлүк дүкөнү......40
35. Кеч күз......41
36. Келгин куштар......42
37. Сүйлөшүү......43
38. Кыш......44
39. Кышкы турмуш. Сүйлөшүү. Кайда?......45
40. Жапайы жаныбарлар......46
41. Зоопаркта......47
42. Корукта......48
43. Жаныбарларга камкордук......49
44. Сүйлөшүүгө үйрөнөлү......50
45. Токойдогу сабак......51
46. Ким эмнеден коркот?......52

## III ЧЕЙРЕК

47. Алфавит......53
48. Сүйлөшүү......54
49. Жыл мезгилдер......55
50. Ойло! Ойлон! Ойлон тап......56
51. Табышмактуу жумалар......57
52. Канчанчы? Неченчи?......58
53. Суроо берип үйрөнүү......59
54. Сүйлөшүү......60
55. Суроо бергенге үйрөнүү......61
56. Биздин үй-бүлө......62
57. Көнүгүү, машыгуу......63
58. Ойлон! Мелдеш сабагы. Ким эмне жейт?......64
59. Кайсы жерде?......65
60. Кырдаал боюнча сүйлөшүү......66
61. Кайда? Кайсы жерде?......67
62. Сүрөт менен иштөө (Аңгемелешүү)......68
63. Канча? Канчоо?......69

64. Табышмактуу тамгалар....................................................70
65. Аңгемелешүү....................................................71
66. Сүйлөшүү (Барбы? Жокпу?)....................................................72
67. Эмнеде? Кимде? Кайда?....................................................73
68. Текст менен иштөө....................................................74
69. Мелдеш сабагы....................................................75
70. Сүрөт боюнча сүйлөшүү....................................................76
71. Азбы? Көппү?....................................................77
72. Аңгемелешүү....................................................78
73. Текст менен иштөө....................................................79
74. Кырдаал боюнча сүйлөшүү....................................................80
75. Кыргыз оюнун ойнойлу....................................................81
76. Эмне кылды?....................................................82
77. Текст аркылуу сүйлөшүү....................................................83
78. Текст менен иштөө....................................................84

## IV ЧЕЙРЕК

79. Канча? Нече?....................................................85
80. Канчанчы? Канча?....................................................86
81. Санаганга үйрөнөлү....................................................87
82. Аңгемелешүү....................................................88
83. Мелдеш сабагы....................................................89
84. Ким көп билет?....................................................90
85. Жуманын аттары....................................................91
86. Күз – күрөш, жаз – жарыш....................................................92
87. Кырдаал боюнча сүйлөшүү....................................................93
88. Сүрөт менен иштөө....................................................94
89. Аңгемелешүү....................................................95
90. Кыргызстандын келечеги – мамлекеттик тилинде....................................................96
91. Сүрөт менен иштөө....................................................97
92. Мелдеш сабагы....................................................98
93. Сүйлөшүүгө машыгалы....................................................99
94. Ата Мекенибиз – Кыргызстан....................................................100
95. Текст менен иштөө....................................................101
96. Бакча....................................................102
97. Сүйлөшүү....................................................103

98. Сүрөт боюнча аңгеме....................................................104
99. Текст менен иштөө......................................................105
100. Жол жүрүүнүн эрежелери..............................................106
101. Аңгемелешүү...........................................................107
102. Ойлонгула!.............................................................108
103. Текст менен иштөө.....................................................109
104. Ким кайда жашайт?....................................................110
105. Жылдык кайталоо.......................................................111
Тиркеме.....................................................................113
Кыргызча-тажикче сөздүк..................................................124
Луғати тоҷикӣ-қирғизӣ.....................................................130
Мазмуну.....................................................................136

| №27 | Фамилиясы, аты | Окуу жылы | Китептин абалы* | |
|---|---|---|---|---|
| | | | жылдын башында | жылдын аягында |
| 1- | Б Хакимгонова Мавзунахон | 2012-13 | жаңы | жаңы |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |

* 5 баллдык шкала менен китептин колдонулган баасы

Окуу басылмасы

*Абылаева Нурия, Акматов Болотбек*

**КЫРГЫЗ ТИЛИ**

1-класс

*Тажик тилинде окуган мектептер*

*үчүн окуу китеби*

Тажик тилиндеги котормолор *Шоиста Равшанова*

Башкы редактору *Т. Орускулов*
Редактору *С. Төлөгөнова*
Көркөм редактору *Б. Жайчыбеков*
Сүрөтчүсү *Б. Жайчыбеков*
Корректору *Н. Эсенаманова*
Компьютердик калыптоо *Б. Орускулов*
Техредактору *В. Крутякова*

Форматы 70x90 $^1/_{16}$. Офсет кагазы 80 гр./м$^2$, «Мектеп» ариби.
Көлөмү 8,75 физ. басма табак. Нускасы 283. Заказ

«IMAK OFSET BASIM YAYIN ve TICARET LTD. STI» типографиясында басылды.
Түркия Республикасы, Стамбул шаары., Йенибосна, , Ататүрк пр., Гөл к., №1.